67.99(2=Ки)
С 50

Сыдык Смадияров

апам Тотукандын
жаркын элесине арнайм.

РОМАНОВДОР СУЛАЛЕСИ
(1613 – 1917-жж.)

25724
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
ИНВ № 900699

Орус башкаруучуларынын тарыхынан

ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТНААМА

Ош - 2005

ББК.67.99 (2Ки) 3
С - 50

Китеп Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен басмага сунушталды.

Рецензенттер: Кененсариев Т.К. – т.и.д., профессор.
Сулайманов Э.Ж. – т.и.к., профессор.

С-50 Смадияров С. Романовдор сулалеси (1613-1917-жж.). Орус башкаруучуларынын тарыхынан. Тарыхый маалыматнаама. – Ош, 2005 – 85 бет.

ISBN – 9967 – 05 – 061- 7

Китеп Россия мамлекетин 304 жыл (1613-1917-жж.) башкарып келген Романовдор сулалесинин 18 бийлик өкүмдарынын тарых таржымалына багышталган. Автор орус тарыхнаамасындагы соңку көз караштарды камтыган адабияттардын негизинде ар бир башкаруучунун жеке мүнөзүн, өзгөчөлүгүн жана жөндөмдүүлүгүн, башкаруусунун маңызын, орус мамлекетинин бекемделишине жана гүлдөп өсүшүнө кошкон салымын, орус тарыхында ээлеген ордун обьективдүү ачып берүүгө аракет жасаган. Китепте падышаимператорлордун жеке жана үй-бүлөлүк турмушу жөнүндөгү тарыхый маалыматтар да арбын.

Китеп жогорку жана орто окуу жайларынын тарых факультетинин студенттерине көмөкчү окуу куралы катары сунушталат.

С. 1203020200 – 05

ISBN 9967-05-061-7

ББК. 67.99 (2Ки) 3

© Смадияров Сыдык, 2005

КИРИШҮҮ

Эй, Россия, Россия бир боор энем,
Мен өндүү тоо кушуна койнуң кенен.
Чын сөздү туура айтуудан таймана
албайм,
Биз элбиз, биз кишибиз сени менен.

А. Осмонов

Орус летопистерине ылайык 862-ж. байыркы Орус мамлекети түзүлгөн. Мына ошол мезгилден бери, азыркы күндө дүйнөдөгү ири өлкөлөрдөн болуп саналган Россия мамлекети 11 кылымдан ашык татаал бирок кызыктуу тарыхый жолду басып өттү. Россия мамлекетинин мамлекет катары чыңдалып өнүгүшүндө өлкөнү 300 жылдан ашык (1613-1917-жж.) башкарып турган Романовдор сулалесинин бийлик өкүмдарлары да чоң роль ойногон.

Мамлекеттүүлүктү негиздеп (862 ж.), аны XVI кылымдын акырына чейин башкарып келген Рюриковичтер сулалесинин акыркы өкүлү, баласыз падыша Федор Иванович (1584-1598-жж.) өлгөндөн кийин, мураскордун жоктугуна байланыштуу бул сулаленин башкаруусу бүткөн.

Ошондон кийин, бир канча мезгилге чейин (1598-1613-жж.) падышалык тактыны, башкаруучу сулалеге тиешеси жок адамдар (Борис Годунов 1598-1605, анын баласы - Федор Годунов 1605, жалган падыша - Лжедмитрий I[1] 1605-1606, князь - Василий Шуйский 1606-1610, Жети бояр 1610-1613 – С.С.) ээлеп, алардын

[1] Лжедмитрий I тарыхчылардын изилдөөсү боюнча Чуд монастрынын дьякону Григорий Отрепьев болгон. «Коогалаңдуу» жылдарда тактынын түз мураскору жоктугунан пайдаланып, ал өзүн 1591-жылы Углич шаарында, белгисиз кырдаалда 2 жаш кезинде каза болгон тактынын акыркы мыйзамдуу мураскору, Иван Грозныйдын баласы (7-аялы Мария Нагаядан) - царевич Дмитриймин деп жарыялап, Польша королунун колдоосу менен кыска мөөнөткө тактыга отурган. Ошондуктан , ал, Орус тарыхында Лжедмитрий(жалган Дмитрий) I деген ат менен белгилүү. Лжедмитрий I өлгөндөн кийин, Лжедмитрий II пайда болгон. Бирок анын ким экендиги изилдөөчүлөр тарбынан такталган эмес.

бийлиги ачарчылык, бийлик талашуу, дыйкандардын жана жалган падышалардын (Лжедмитрий I, Лжедмитрий II- С.С.) козголоңдору, чет элдик интервенция менен коштолуп, өлкөдө «мамлекетсиздик» абалдын орношуна алып келген. Бул мезгил Орус тарыхында «коогалаңдуу жылдар» деген ат менен белгилүү. Өлкөнүн ичиндеги оор абалдан пайдаланып, орус жерлерин жана орус тактысын ээлеп алууну көздөгөн чет элдик интервенттер (шведдер менен поляктар- С.С.) өлкөгө басып киришип, борбор шаар - Москваны ээлешип, талап-тоношкон. Орус эли үчүн көз карандысыздыктан ажырап, өз алдынча улуттук мамлекетин жоготуу коркунучу жаралган. Бийликте турган боярлар, өз элине чыккынчылык кылып, жогорку бийликти поляктарга өткөрүп берүүгө макул болгон. Мына ушундай оор кырдаалда, мекенди коргоого эл көтөрүлгөн. Аларды староста Козьма Минин менен князь Дмитрий Пожарский жетектеген. Элдик кошуун түзүлүп, алар 1612-жылдын 4-ноябрында[2] польшалык интервенттерден Москваны толук бошотуп, душманды кууп салышкан да, өлкөнүн көз карандысыздыгын жана орус тактысын сактап калышкан.

Ошентип, өлкөдө тынч кырдаалда жаңы орус падышасын шайлоо мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. 1613-жылдын башында чакырылган Земство собору Михаил Федорович Романовду падышалык тактыга шайлаган. Мына ушул мезгилден тартып, 1917-жылга чейин Россия мамлекетин Романовдор сулалесине таандык болгон падышалар жана императорлор башкарып келген.

Бул китепке, Россия мамлекетиндеги мына ушул башкаруучу сулаленин бийлик эгедери болгон 18 өкүлү жөнүндөгү тарыхый маалыматтар жыйналды. Китепте келтирилген падыша –

[2] Бул күн Россия Федерациясында 2004- жылдан баштап Элдик биримдик күнү катары майрамдала баштады.

императорлордун сүрөттөрү (18) КомИнфо АКсы тарабынан түзүлгөн Россия тарыхынын электрондук вариантынан[3] алынды.

Китепти жазууга, **биринчиден,** жогорку окуу жайларында кыргыз тилдүү студенттердин басымдуу көпчүлүктү түзгөндүгүнө карабастан, өз эне тилибизде жазылган тарыхый адабияттардын жетишсиздиги (тарых адистигиндеги студенттер үчүн айрыкча Дүйнө тарыхы, анын ичинде Россия тарыхы боюнча өз эне тилибиздеги адабияттар дээрлик жокко эсе), **экинчиден,** ОшМУнун тарых факультетинде көп жылдан бери Орус тарыхынан лекция окуган лектордук тажрыйбабыз жана ага байланыштуу жыйналган тарыхый материалдарды окурмандарга сунуштоо тилегибиз түрткү болду.

Акыркы 10 жылдыкта жарык көргөн тарыхый адабияттардын жана илимий жаңы көз караштардын негизинде жазылган бул китеп, кыргыз тилдүү тарыхчы студенттерибизге Россия тарыхынан көмөкчү окуу куралы катары сунушталат.

[3] АО КомИнфо. Энциклопедия истории России 862-1917 – М. 1998.

Михаил Федорович Романов
(1613-1645-жж.)



Москваны чет элдик интервенттерден бошотуу өлкөдө мамлекеттик бийликти калыбына келтирүү мүмкүндүгүн жараткан. Эми алдыдагы милдет, жаңы орус падышасын шайлоо болгон. Мына ушул маселени чечүү үчүн 1613-жылдын январь-февралында Москвада Земстволук собор чакырылган. Соборго дворяндардын, боярлардын, духовенствонун, 50 шаардын, стрелецтердин жана казактардын 700 өкүлү катышкан. Падышалыкка бир нече адамдын кандидатурасы: польша королунун - баласы королевич Владислав, швед королунун баласы - принц Карл Филипп, Лжедмитрий II менен Марина Мнишектин баласы – Иван ж. б. сунушталган. Бирок, собор «орус тактысын орус падышасы ээлеш керек» деген чечимге келип, 16 жаштагы Михаил Федорович Романовдун кандидатурасына токтогон. Михаил Романов боярлардын да көңүлүнө туура келген. « Миша Романов жаш, акылы толо элек, бизге да жакшы болот» деген боярлар, анын кандидатурасын толук колдошкон. Туугандыгы жактан да Михаил Романов мурдагы падышаларга жакын болгон. Ал, Иван Грозныйдын биринчи аялы Анастасия Романованын бир тууган агасы Никита Романовдун небереси болгон. Ошентип, 1613-жылдын 21-февралында Земстволук собор **кыйкыруу** жолу менен падышалык тактыга Михаил Романовду шайлап, Россия мамлекетинин башкаруу линиясында жаңы – Романовдор сулалесин негиздеген. Бул мезгилде Михаил монахтык сан алган энеси улуу старица инокиня Марфа (өз аты - Ксения Ивановна Шестова) менен Костромадагы Ипатьев монастрында жашап турган. Атасы


Филарет (Федор Никитич Романов) болсо, бул мезгилде поляк туткунунда болгон. Падыша болуп шайлангандыгын ал, (Михаил Романов-С.С.), ушул жерден уккан. Алгач энеси да, өзү да макул болгон эмес. Анткени өлкө өтө оор абалда эле. Акыры, келген элчилер аны көндүрүшүп, энеси батасын берген. 1613-жылы 11-июлда Кремлдин Успен соборунда Михаил падыша таажысын кийип, Москва тактысына отурган.

Михаил Романовдун падышалыгы оор мезгилге туура келген: «коогалаңдуу» жылдардан кийин мамлекеттин казынасы бош, армиясы жок болгон, өлкөнүн көп аймагы өкмөткө баш ийген эмес, Швеция менен Польшанын Россияга каршы согуштук аракеттери токтотулбаган. Жаш орус падышасынын алдында көптөгөн оор, ички жана тышкы маселелерди чечүү милдети турган.

1609-жылы башталган Швед интервенциясы, 1617-жылы Столбово тынчтык келишимине кол коюу менен токтотулган, анын натыйжасында Москва мамлекети Балтика деңизине чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. 1618-жылы Деулино кыштагынын жанында Россия Речь Посполитая менен 14 жыл 6 айга убактылуу тынчтык келишимин түзгөн. Бул келишимдин шарттарына ылайык туткундар алмашылып, польша туткунунда жүргөн падышанын атасы Филарет бошотулган. Атасын падыша Михаил өзү тосуп алган. Москвада ага патриарх саны берилип, «Улуу өкүмдар» титулу ыйгарылган. Ушул мезгилден (1619-ж.) баштап Филарет өлгөнгө чейин (1633-ж.) Россияны иш жүзүндө эки башкаруучу бийлеген: баласы - падыша Михаил жана атасы- патриарх Филарет. Мамлекеттик документтерге экөө тең кол койгон. Падыша катары Михаилдин колу биринчи турганы эле болбосо бийликтин көбүрөөгү Филаретте болгон. Бирок летописчилердин маалыматтары боюнча экөөнүн ортосунда ынак мамиле болгон.

Ал эми, 1619-жылга чейин болсо, падыша жаш жана тажрыйбасыз болгондуктан, өлкөнү башкаруу иши анын энеси Марфанын жана анын туугандары боярлар – Салтыковдордун колунда болгон. Ошондой эле, 1613-1622-жылдары Земстволук собор тынымсыз иштеп, анда мамлекеттик маанилүү маселелер каралып турган. Филарет келгенден кийин «коогалаңдуу» жана «көп бийликтик» жылдар бүткөн. Филарет жөндөмдүү башкаруучу болгондуктан өлкөнүн ички тышкы абалын чыңдоо багытында көп иштерди жасаган. Бирок анын негизги максаты самодержавиялык бийликти орнотуу жана үй-бүлөсүнүн бийликтик укугун биротоло бекемдөө болгон. Ушул максатта 1625-жылы Михаил Бүткүл Россиянын жеке бийлөөчүсү (самодержец) титулун алган. 1627-жылы жер жерлердеги, бул мезгилге чейин ошол аймактарда «падыша жана кудай» болуп келишкен воеводалардын бийлиги бир кыйла чектелген. Ошону менен катар Филарет уулу – падыша Михаилдин эл аралык зоболосун бекемдөөнү көздөп, Европа королдору менен кудалашууга аракет кылган. Жаш падышага келинчек издеген орус элчилери, Швеция, Дания королдоруна барышкан, бирок бул аракеттен ийгилик чыккан эмес. Ошондон кийин, чет өлкөдөн келинчек издөө токтотулуп, падыша 1624-жылы княжна Марья Владимировна Долгорукаяга үйлөнгөн. Бирок, жаш келин (Марья Долгорукая – С.С.), бир жылдан кийин эле каза болуп калгандыктан, 1626-жылы падыша экинчи жолу Евдокия Лукьяновна Стрешневага үйлөнгөн. Алар 10 балалуу болушкан (7 кыз, 3 уул), бирок алардын алтоо (4 кыз, 2 уул) кичинекей кезинде эле каза болуп калышкан. Бул кайгылардын баары, албетте падышанын ден-соолугуна таасир эткен. Падыша көп ооруп, мүнөзү да өтө жумшак болгон. Ошондуктан, атасы Филарет өлгөндөн кийин (1633-ж.), өлкөнү анын атынан иш жүзүндө боярлар

башкарган. Падыша Михаил Романовдун мамлекеттик ишмердүүлүгүнөн 1642-жылдан баштап армияда жүргүзүлө баштаган өзгөртүүлөрдү белгилөөгө болот. Бул өзгөртүүлөрдүн натыйжасында, орус жоокерлерин чет элдик офицерлер аскер ишине үйрөтө баштаган жана падышага кызмат өтөгөн солдаттык, рейтардык, драгундук «чет жерлик полктор» пайда болгон. Бул, Россияда улуттук регулярдык аскер күчтөрүн түзүүгө карата жасалган алгачкы маанилүү кадам болгон. Романовдор сулалесинин негиздөөчүсү падыша Михаил Федорович Романов 1645-жылы 13-июлда 49 жашында "сары суу" оорусунан каза болгон. Анын сөөгү Москва Кремлиндеги Архангель соборуна коюлган.



Падыша Михаил Федорович Романовдун тактысы

Алексей Михайлович Романов
(1645-1676-жж.)



1645-жылдын 13-июлунда падышалык тактыга Михаил Федоровичтин тун баласы, 16 жаштагы Алексей Михайлович отурган. Анын, атасы сыяктуу мүнөзү өтө жумшак болгон, бирок өз заманынын эң билимдүү адамы эле. Кантсе да, жоош жана динчил Алексей Михайловичти эл аябай жакшы көргөн, ошондуктан ага «Момун» деген ылакап атты беришкен.

Падыша Алексей Михайлович тактыга отургандан кийин, көп өтпөй эле (18-август 1645-ж. – С.С.) анын энеси да каза болуп калган. Ошондуктан, башкаруунун алгачкы жылдарында, жаш падыша өзүнүн тарбиячысы-боярин Б.И. Морозовдун жана кайын атасы И.Д. Милославскийдин күчтүү таасири алдында болгон. Бул мезгилде, өлкөнү иш жүзүндө ушул эки адам башкарган. Бирок Морозовдун финансылык эзүүнү күчөтүүгө багытталган саясаты, ошондой эле мыйзам бузуулары жана Милославскийдин бийликти кыянат пайдалануусу элдин катуу нааразылыгын туудурган. Тузга салыктын көбөйтүлүшү 1648-жылдын июнь айында Москвада көтөрүлүштүн чыгышына алып келген. Көтөрүлүшчүлөр Морозовдун жана анын айланасындагылардын мамлекеттик иштерден четтетилишин талап кылышкан. Акырында боярин Морозов үй-бүлөсү менен Кирилло-Белозерский монастырына кетүүгө аргасыз болгон.

1649-жылы Алексей Михайлович мамлекеттик башкарууну өз колуна алган. Анын көрсөтмөсү менен мыйзамдар жыйнагы – Собордук Уложение иштелип чыккан жана Земстволук собордо

(1649-ж.) кабыл алынган. Бул мыйзам негизинен самодержавиялык бийликти бекемдөөгө багытталган жана дворяндардын кызыкчылыгын коргогон, ошондой эле Уложение Россияда крепостнойлук укукту юридикалык жактан биротоло бекиткен. Собордук Уложение Россиянын тарыхында типографиялык жол менен чыгарылган биринчи мыйзамдар жыйнагы болгон. Бул мезгилде падышанын эң жакын кеңешчиси патриарх Никон болуп калган. Падыша борбор шаарда жок учурда өлкөнү Никон башкарган. Патриарх Никон бул абалды жеке кызыкчылыгына пайдалануга аракет кылган. Никондун жүргүзгөн чиркөө реформасы өлкөдө раскольниктик диний агымды пайда кылган. Ал эми анын, мамлекеттин үстүнөн чиркөөнүн бийлигин орнотууга жасаган аракети, падыша менен патриархтын ортосундагы ынак мамиленин үзүлүшүнө алып келген.

Алексей Михайлович жеке бийлигин чыңдоо жана боярдык аристократиянын мамлекеттик иштерге таасирин чектөө максатында «Улуу өкүмдардын жашыруун иштери» деген атайын Приказды түзгөн. Алексей Михайлович өнөр жайдын жана сооданын өнүгүшүн ар тараптан колдогон. Бул максатта ички жана тышкы сооданын өнүгүшүнө жардам берүүчү Бажы жана Жаңы соода уставы кабыл алынган. Эң биринчи жолу чай Россияга Алексей Михайловичтин мезгилинде орус соодагерлери тарабынан Кытайдан алынып келинген жана таркатылган.

Бул мезгилдеги тышкы саясаттагы эң манилүү жетишкендиктердин бири – Украинанын Россия менен биригиши (1654-ж.) болгон. Бирок бул окуя 13 жылга созулган орус – польша согушуна алып келген. Согуш 1667-ж. Андрусов келишими менен бүткөн. Өлкөнүн аймагы чыгыш жана түштүк багытта да кеңейген.

Москва мамлекетинин курамына батыш жана чыгыш Сибирь аймактары кошулган.

Алексей Михайловичтин башкаруу жылдарында Россияда эң биринчи согуш кораблдерин куруу аракеттери жасалган жана «жаңы түзүлүштөгү» туруктуу армияны түзүү башталган. Ошондой эле, «эч кимге зыяны жок жоош-момун» падышанын мезгилинде Москвада чыккан элдик көтөрүлүштөр: Туз бунту (1648-ж.) жана Жез бунту (1662-ж.), С.Т. Разин жетектеген 1670-1671-жж. дыйкандар көтөрүлүшү ырайымсыздык менен басылган.

Алексей Михайловичтин эки аялы болгон: 1-си Мария Ильинична Милославская (1648-ж.) менен 13 балалуу (5 уул, 8 кыз) болушкан. Бирок, эркек балдарынын баарынын ден-соолугу начар, оорукчан болушкан. 3 уул 2 кызы ата-энеси тирүү кезинде эле каза болуп калган. Мария Милославская 1669-жылы 43 жашында каза болгон. 1671-жылы падыша 20 жаштагы Наталья Кирилловна Нарышкинага үйлөнгөн. Андан, Алексей Михайлович Петр деген уулдуу, Наталья жана 4 жашында каза болуп калган Федора аттуу кыздуу болгон. Падыша Алексей Михайлович Романов 1676-жылы 30 январда 47 жашында көз жумган. Ал Кремлдеги Архангель соборуна көмүлгөн.

Федор Алексеевич Романов (1676-1682-жж.)



1675-жылы 1-сентябрда (ошол мезгилдеги Жаңы жыл – С.С.) Алексей Михайлович өзүнүн тун баласы 13 жашар царевич Федорду Кызыл аянтта тактынын мураскери деп жарыялаган. 1676-жылы 30-январда Федор Алексеевич 14 жашында падышалык тактыга отурган. Ошол эле жылдын 18-июнунда ал, Москва Кремлинин Успен соборунда падыша таажысын кийген (коронация).

Федорду белгилүү богослов Симеон Полоцкий тарбиялаган. Ошондуктан ал, өтө динчил болуп өскөн. Ошол эле учурда анын тарбиясында батыштын таасири да күчтүү болгон. Жаш падыша латын тилин жакшы билген, поляк тилинде эркин сүйлөгөн жана жаза билген. Федор Алексеевич жаш жана оорукчан болгондуктан (ал цинга оорусунан азап тарткан – С.С.), анын 6 жылдык башкаруу мезгилинде чыныгы бийлик апасы жактан туугандары (таякелери – С.С.) боярлар Милославскийлердин колунда болгон.

Федор Алексеевич падышалык кылып турган жылдардагы эң манилүү окуялардын бири 1682-ж. бийликтеги местничество[4] тартибин жоюу болгон. Бул тектүү болбосо да, билимдүү жана жөндөмдүү адамдардын мамлекеттик кызматка келишине жана өсүшүнө мүмкүндүк түзгөн.

Ушул эле мезгилде салык жана «аскер ишинде» жаңы системаны иштеп чыгуу боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Ошондой эле Федор Алексеевич шаан-шөкөттүүлүккө тыюу салган,

[4] 15-17 кк. Орус боярларынын тегинин атактуулугуна карата мамлекеттик кызматтан орун алуу тартиби.

ар бир сословиенин кийимин эле эмес, жолго чыкканда пайдаланууучу аттардын да санын аныктаган атайын указ чыгарган. Башкаруусунун акыркы күндөрүндө Федор Алексеевич, Москвада Славян-грек-латын академиясын жана 30 адамдык диний училищени түзүү жөнүндө проект түзгөн. Бирок, көзү тирүүсүндө ал иш жүзүнө ашкан эмес.

Тышкы саясатта болсо, Россия Турция жана Крым хандыгы менен болгон согушту уланткан. 1681-жылы Бахчисарайда убактылуу тынчтык келишимине кол коюулуп, Турция менен болгон согуш токтотулган.

1680-жылы падыша Федор 15 жаштагы теги поляк Агафья Семеновна Грушецкаяга үйлөнгөн. Бир жылдан кийин, 11 июлда, алар Илья аттуу уулдуу болушкан. Бирок, Агафья Семеновна 3 күндөн кийин оор төрөттөн өзүнө келе албай көз жумган. 20-июлда царевич Илья да каза болгон. 1682-жылы 14-февралда Федор Алексеевич экинчи жолу Марфа Матвеевна Апраксинага үйлөнгөн. Бирок, 27-апрелде 20 жаштагы падыша каза болуп калган. Ал өзүнүн мураскорун атабай кеткен. Федор Алексеевич да атасы жана чоң атасы сыяктуу эле Москва Кремлинин Архангел соборуна коюлган.

Таблица №1.

XVI кылымдын экинчи жарымындагы бийлик жана башкаруу органдары



Иван V Алексеевич
Петр I Алексеевич
(1682-1696-жж.)



Падыша Федор Алексеевичтин баласы жок болгон жана ал, тактыны мурастоо жөнүндө керээз калтырбаган. Ошондуктан орус тактысына анын бир туугандары Иван жана Петр Алексеевичтер талапкер болушкан. Иван Алексеевич Алексей Михайловичтин биринчи аялы Мария Ильинична Милославскаядан төрөлгөн бешинчи баласы болгон. Петр болсо, экинчи аялы Наталья Нарышкинадан эле. Царевич Иван бул мезгилде 16 жашта, ал эми царевич Петр – 10 жашта болгон. Жашы боюнча тактыны Иван ээлеш керек эле, бирок Ивандын ден-соолугу начар болгондуктан (ал, оорукчан гана болбостон, көзү да жакшы көрбөгөн жана кемакыл да болгон – С.С.) боярлар анын өлкөнү башкарып кетүүсүнө ишенишкен эмес. Ошондуктан, патриарх Иоаким жаш болсо да тирикарак жана зээндүү Петрду падыша деп жарыялаган. Царевич Ивандын тарабындагылар – эжеси Софья жана таякелери Милославскийлер бул чечимге карандай каршы болушкан да, Иванды, Алексей Михайловичтин экинчи аялынын туугандары – Нарышкиндер (Петрдун таякелери – С.С.) чыккынчылык менен мууntуп өлтүрүштү деген жалган ушакты таратышкан. Мында, царевна Софья катуу аракеттенген. Ал, стрелецтерди[5] Нарышкиндерге каршы тукуруп, алардын көтөрүлүшкө чыгуусун уюштурган. Натыйжада, Нарышкиндердин партиясы талкаланып, Иван Алексеевич падыша, ал эми анын эжеси царевна Софья жашы толо элек падышанын алдындагы мамлекет башкаруучусу деп

[5] 16-17 кк. Орус мамлекетиндеги туруктуу өзгөчө войсконун аскери.

жарыяланган. Бирок Боярлар думасы Иван Алексеевич менен бирге, анын аталаш бир тууганы Петр Алексеевичтин падышалык кылуусун талап кылышкан жана ал талап аткарылган.

1682-жылдын 25-июнь күнү Иван V менен Петр I Алексеевичтерге падыша таажысын кийгизүү (коронация) ырым-жырымы өткөн. Экөө тең падыша болуп жарыялангандыктан, таажы кийгизүү ырым-жырымын өткөрүү үчүн Мономахтын экинчи шапкасы жана эки кишилик такты даярдалган. Бул тактынын артында үчүнчү адам отура турган жашыруун орун да болгон. Ал орунда көбүнчө Софья же Петрдун тарбиячысы Никита Зотов отурушуп, чет элдик делегациялар менен татаал сүйлөшүүлөр жүргөн учурда, жаш падышаларга шыбырап, кеңеш берип турушкан. Иш жүзүндө болсо, башкаруу царевна Софьянын колуна өткөн. Ал, Нарышкиндерди бардык мамлекеттик иштерден четтетип, бийликти өз колуна топтоого жетишкен. Падыша аял Наталья Кирилловна баласы Петр менен Москванын алдындагы падыша Алексейге таандык – Преображенский кыштагында обочо жашоого мажбур болгон. Иван V болсо, мамлекетти башкаруу ишине дээрлик аралашкан эмес. Ал убактысынын көбүн, кудайга сыйынуу менен өткөргөн. Ошентип, өлкөдө бийликти 1682-1689-жж. царевна Софья Алексеевна жүргүзгөн.

Падыша Иван Алексеевич оор кеселден 1696-жылы 29-январда көз жумган. Анын сөөгү, Москва Кремлинин Архангель соборуна коюлган.

БИБЛИОТЕКА
Ошск... ...трон...го
ИНВ № 900699

Петр I Алексеевич Романов
(1696-1725-жж.)



1682-жылдын 25-апрелинде падыша Федор Алексеевич өлгөндөн кийин 10 жаштагы царевич Петр патриарх Иоакимдин сунушу жана Нарышкиндердин талабы боюнча, улуу агасы царевич Ивандын тирүү экендигине карабастан падыша деп жарыяланган. Бирок, 1682-жылдын 23-майында боярлар Милославскийлердин талап кылуусунун натыйжасында Земстволук собор Иванды «биринчи, ал эми Петрду «экинчи падыша» катары бекиткен. 1682-жылдын 25-июнунда падышалар Иван V жана Петр I падыша таажысын кийишкен. Падышалардын "Жаш болгондугуна байланыштуу" өлкөнү башкаруу иши алардын эжеси Софьянын колуна өткөн. 1689-жылга чейин Петр энеси Наталья Кирилловна Нарышкина менен Москванын алдындагы Преображенск селосунда жашаган. Москвага болсо, падыша иретинде расмий жөрөлгөлөрдүн учурунда гана келип турган. Преображенскиде царевич убактысынын көпчүлүгүн, атайын Батыш Европа армиясынын үлгүсүндө түзүлгөн аскерлер менен согуш оюндарын ойноо менен өткөргөн. Бул аскерлер кийинчерээк орус регулярдуу армиясынын өзөгүн түзгөн. Петр I өсүп, эр жеткен сайын царевна Софья бийликти өз колунда кантип сактап калуунун амалын ойлой баштаган. 1689-жылы ал, (царевна Софья – С.С.) дагы стрелецтердин козголоңун уюштурган. Бирок бул жолкусунда, Петр I кол куушуруп олтура бербестен, эжесине каршы активдүү аракеттенип, стрелецтердин көпчүлүгүн өз тарабына тартууга жетишкен. Стрелецтер козголоңу ырайымсыздык менен басылган.

Царевна Софья бийликтен четтетилип, Новодевичий монастырына камалган. Бул жерде ал, 15 жыл жашап, 1704-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал эми, анын фаворити В.В. Голицын Архангельск крайына сүргүнгө айдалган. 1694-жылга чейин Петра I нин атынан энеси Наталья Кирилловна бийлик жүргүзгөн. 1696-жылы Иван V өлгөндөн кийин, падышалык бийлик толугу менен Петрга өткөн.

Петр бою узун (2м 04см – С.С.), ченемсиз күчтүү (күмүш тарелканы колу менен бүктөп, таканы түзөтүп салчу – С.С.) адам болгон. Ал акылдуулугу, эрктүүлүгү, энергиясынын дайыма толуп–ташып тургандыгы, ой-жүгүртүүсүнүн кенендиги, койгон максатына сөзсүз жете билгендиги, көп нерсени билүүгө умтулгандыгы, ишке болуп көрбөгөндөй жөндөмдүүлүгү менен айырмаланган. Жаш кезинде системалуу түрдө билим албагандыктан, Петр өмүр бою окуган. Ошол эле учурда Петрдун ачуусу чукул, каардуу жана ырайымсыз болгон. Ал, кыйноолорго жана өлүм жазасын иш жүзүнө ашыруу процесстерине жеке өзү катышкан. Петр I падыша катары жеке адамдардын өмүрү жана кызыкчылыгы менен эсептешкен эмес. Жада калса ал, өзүнүн кара чечекей уулу Алексейди да өлүм жазасына буйруудан кайра тартпаган.

1697-жылы Петр I Европага 250 адамдан турган «Улуу элчиликти» жөнөткөн. Анын курамында урядник Петр Михайлов деген ат менен падыша өзү да жөнөп кеткен. Пруссияда ал, артиллерия ишин окуп-үйрөнүп, ок атуучу куралдын мастери деген аттестат алган. Голландияда болсо, Петр корабль куруу ишин үйрөнүү үчүн, Амстердамдагы Ост-Инд верфине жумушчу болуп ишке кирген. Европада жүргөн мезгилинде Петр фабрикалар, библиотекалар менен таанышып, университеттерде лекцияларды уккан. Петрдун, өзүн жашырууга аракет кылгандыгына карабастан,

барган жерлеринде аны таанышып, өлкө башчылары ага керектүү сый-урмат көрсөтүүгө аракет кылышкан. Бирок, 1698-жылы эжеси Софьянын жаңы кутуму жана стрелецтердин козголоңу жөнүндө кабар укkан падыша, Россияга шашылыш түрдө кайтууга мажбур болгон.

Петр I кыраакы мамлекеттик ишмер, мыкты дипломат жана таланттуу полководец болгон. Ал, Россияда экономикалык, аскердик, мамлекеттик, маданий кайра куруулларды жүргүзүүнүн зарылдыгын терең түшүнгөн, Абсолютизмдин ишенимдүү жактоочусу болгон. Өзүн өлкөнүн ээси катары сезип, реформаларды чечкиндүү жүргүзгөн. Өзүнүн башкаруу мезгилинде Петр I, Россиянын Европанын алдыңкы өлкөлөрүнөн артта калуусун жоюуга багытталган ири реформаларды жүргүзгөн. Мамлекеттик аппаратты реформалоонун натыйжасында 1711-жылы Боярлар думасы[6] жоюлуп, жаңы жогорку бийлик органы Сенат менен алмаштырылган. Эми өкүмдар башка жакка кеткен учурда бардык мамлекеттик иштер Сенаттын колуна өткөн. Сенаттын башында падышага түздөн-түз баш ийген генерал-прокурор турган. Аны Петр I «мамлекеттин көзү»(«око государево») деп атаган. Мурдагы татаал жана ийкемсиз приказдардын[7] ордуна өлкөнүн чарба жумуштарын башкаруу үчүн шведдик үлгү боюнча коллегиялар түзүлгөн. Бул жогорку тармактык бийлик органдары да, Сенатка баш ийген. Коллегиялардын саны 12 болгон жана алар өлкөнү башкаруунун белгилүү бир тармагын жетектеген. Коллегиялар жайгашуучу атайын «12 коллегиялар имараты» деп аталган имарат курулган (архитектору италиялык Д. Трезини –

[6] 16-17 кк. Москва падышасынын алдындагы закон чыгаруучу же административдик функциясы бар өкүлдүк кеңеш

[7] 16-17кк. Москва мамлекетинде башкаруунун айрым тармактарынын башында турган мекеме. 17 к. аягында приказдардын саны 55ке жеткен.

С.С.). Азыркы күндө бул имаратта Санкт-Петербург университети жайгашкан. 1721-жылы Петр I Диний (Духовный) регламентти бекиткен. Бул документ боюнча чиркөө эми толугу менен мамлекетке баш ийген. Патриаршество жоюлуп, диний уюмдарды башкаруу үчүн мамлекеттик орган – Ыйык Синод түзүлгөн. Административдик реформанын негизинде Россия башында губернаторлор турган 8 (кийинчерээк 10) губернияга бөлүнгөн. 1703-жылдын 16-майында Петр Інин көрсөтмөсү менен Нева дарыясынын куймасындагы аралдардын биринде (ал арал Заячий деп аталган – С.С.) Петропавловск сепили курула баштаган. Бул сепил жаңы Санкт-Петербург шаарына негиз салган. 1712-жылы Петербург шаары Россия мамлекетинин официалдуу борбору болуп калды. Петр I нин кайра куруулары коомдун бардык чөйрөлөрүн камтыган. «Бирдиктүү мураскорлук Указы» дворяндардын жерге болгон менчиктик укугун бекиткен. «Рангдар жөнүндөгү Табель» мамлекеттик кызматтагы аскердик жана граждандык кызматкерлердин чин алуусунун жаңы тартибин киргизген. Табелге ылайык чин ыйгаруу мурдагыдай кызматкердин атактуулугуна жараша эмес, анын жеке жөндөмдүүлүгүнө жана эмгегине жараша жүргүзүлгөн. Активдүү тышкы жана ички саясат жүргүзүү үчүн бюджеттик каражат керек эле. Ушул максатта салык системасын түп тамырынан бери өзгөрткөн реформа жүргүзүлгөн: өлкөдө жан башынан алынуучу салык киргизилген, ал болсо, дыйкандардын помещиктерден болгон көз карандылыгын дагы күчөткөн. Салык төлөөчү сословиеге кирген эркектердин баары, жашына карабай, жан башынан алынуучу салыкты төлөөгө милдеттүү болушкан. Дыйкандар өздөрүнүн абалынын начарлашына айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн: крепостнойлордун качуулары, куралдуу чыгуулары күч алган. Мындай чыгуулардын кээ бирлери ири

көтөрүлүшкө айланган (1705-1706-жж. Астрахань көтөрүлүшү жана 1707-1709-жж. К. Булавин жетектеген көтөрүлүш – С.С.), бирок бул көтөрүлүштөр өкмөттүк аскерлер тарабынан ырайымсыздык менен басылган.

Петр I регулярдуу орус армиясын жана флотту түзгөн. 1705-жылы армияга алуунун жаңы рекруттук милдети киргизилген. Дворяндар (аскер мектебин бүткөндөр офицердик чинде, калгандары катардагы солдат катары) аскер кызматын өтөөгө милдеттүү болушкан. 1716-ж. Согуштук, 1720-ж. Деңиз уставдары жана 1722-ж. Деңиз регламенти кабыл алынган. Бул аскер документтерин иштеп чыгуу ишине Петр I өзү катышкан. Жаңы типтеги армияны түзүү менен катар Азов жана Балтика деңиздеринде аскер-деңиз флоту курула баштаган. Түндүк согушу башталгандан кийин Азов деңизинде флотту куруу иши убатысынча токтотулган, ал эми ийгиликсиз аяктаган Прут жүрүшүнөн кийин Россия Азовдон жана анын жээктеринен биротоло ажыраган. Кораблдерди куруу иши Балтика деңизинде улантылган. 1708-жылы биринчи корабль сууга түшүрүлгөн, ал эми 20 жылдан кийин, орус флоту Балтика деңизиндеги эң күчтүү флотко айланган. Анда: 32 линейный корабль, 16 фрегат, 85 галера жана көптөгөн майда кемелер болгон.

Петр I маданият жана агартуу тармактарында да кардиналдуу реформаларды жүргүзгөн: граждандык адабият жаралган, медициналык, инженердик жана артиллериялык мектептер, Деңиз академиясы ачылган. Билим алуу жана илимди өздөштүрүү үчүн россиялык жаштар чет өлкөгө жөнөтүлгөн. Букварь, окуу карталары жана окуу куралдары басмадан чыгарыла баштаган. Элдик китепканасы бар эң алгачкы орус музейи – Кунсткамера жана жалпыга эшиги ачык болгон биринчи орус театры ачылган.

1700-жылы Россияда Юлиан календары киргизилген. Эми жаңы жыл мурдагыдай 1-сентябрдан эмес, 1-январдан башталган. Жыл эсептөө мурдагыдай дүйнөнүн жаралышынан эмес, Христостун туулган күнүнөн жүргүзүлгөн! 1703-ж. басмадан чыгарылган эң алгачкы орус газетасы «Ведомосттор» жарык көргөн. 1724-жылы Петербург Илимдер Академиясы негизделген. Анын алдында гимназия жана университет ачылган. Петр I нин көрсөтмөсү боюнча Орто Азияга – А. Бекович-Черкасскийдин, Ыраакы Чыгышка – И.Евреинов менен Ф.Лукиндин, Сибирге Д.Мессершмидттин экспедициялары жөнөтүлгөн жана В.Берингдин экспедициясы даярдала баштаган. Өлкөнүн географиясын системалык түрдө окуп үйрөнүү жана картага түшүрүү иши башталган.

Кара жана Балтика деңиздерине чыгуу зарылдыгы Петр I нин тышкы саясатынын милдеттерин аныктаган. Петр I XVII к. аягында түрктөрдүн Азов сепилине эки жүрүш уюштурган. Анын натыйжасында Туркия менен убактылуу тынчтык келишими түзүлүп, Россия Азов деңизине чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бирок тышкы саясаттын негизги милдети жана багыты Балтика деңизинде болгон.

Петр Швецияга Фин булуңунун жээгиндеги бир мезгилде Россияга таандык жерлерди кайтарып берүүсүн сурап кайрылган, бирок терс жооп алган. Ошентип, 20 жылга созулган (1700-1721-жж.) Түндүк согушу башталган. 1712-1714-жж. Россия Финляндияны өзүнө караткан. Түндүк согушу Россиянын жеңиши менен аяктап, Россия Балтика деңизинин жээгинде үстөмдүгүн орноткон. Бул болсо, Россиянын улуу державага айланышына алып келген.


1721-жылы Россия империя деп жарыяланып , Петр Іге Бүткүл Россиянын императору деген титул, «Улуу» жана «Ата мекендин атасы» деген наамдар ыйгарылган.

1689-ж. Петр апасынын талабына ылайык атактуу боярин Лопухиндин кызы Евдокия Федоровна Лопухинага (1669-1731-жж.) үйлөнгөн.

Евдокия Петрдан 3 жаш улуу болгон. Экөө, Алексей (1690-ж.), Александр жана Павел аттуу 3 уулдуу болушкан. Александр менен Павел бөбөк кезинде эле каза болуп калышкан. Ал эми Алексей болсо, атасынын жасаган иштерине каршы чыгып, ага каршы турган боярларга кошулуп кеткендиктен, 1718-ж. Петр I нин буйругу менен өлүм жазасына өкүм кылынып, Петропавловск сепилинин түрмөсүндө тумчуктурулуп өлтүрүлгөн. Петр менен Евдокиянын мамилеси тез эле сууган. 1698-ж. царица Евдокиянын зордук менен чачы алынып, Суздальдагы Покров монастрына монахиня катары жөнөтүлгөн. 1718-ж. ал Ладогадагы Успен монастрына, ал эми 1725-ж. Шлиссельбург сепилине которулган. Небереси Петр II тактыга отургандан кийин, Евдокия Федоровна Москва Кремлинин Вознесенск монастрына алынып келинип, өмүрүнүн акырына чейин ошол жерде жашаган. Петр II өлгөндөн кийин, Жогорку жашыруун Кеңеш сунуш кылган тактыдан анын баш тарткандыгы жөнүндө маалымат бар. Евдокия Лопухина өлгөндөн кийин Москвадагы Новодевичий монастрынын собордук чиркөөсүнө коюлган.

Таблица №2.

XVIII кылымдын I чейрегиндеги абсолюттук монархиянын бийлик жана башкаруу органдарынын структурасы



[8] 1-Синод, 2-Чет элдик, 3-Аскер, 4-Адмиралстейство, 5-Штатс, 6-Ревизиялык, 7-Коммерц, 8-Берг, 9-Мануфактура, 10-Камер, 11-Вотчиналык, 12-Юстиц, 13-Башкы магистрат.

1705-жылдан баштап Петр I орус солдаттарына туткунга түшкөн литвалык дыйкандын кызы Марта Скавронская менен жакын мамиледе болгон. Бирок, 1712-ж. гана алар никеге турушкан. Марта Скавронская православие динине өтүп, Екатерина Алексеевна деген атты алган. Петр менен Екатерина 8 балалуу (6 кыз 2 уул) болушкан. Бирок, алардын 2 уулу жана 4 кызы кичинекей кезинде эле каза болуп калышкан.

Император Петр I нин көп жылдар бою ден соолугуна карабай, оор жумуштарды өзү кошо аткаруусу жана кээ бир жаман адаттары анын ден соолугуна зыянын тийгизбей койгон жок. 1725-жылы 28-январда Петр I оорудан көз жумган. Ал, такты мураскеринин ысмын атабай кеткен. Петр I нин сөөгү, Санкт-Петербургдагы Петропавловск сепилинин соборуна коюлган.



Падышалар Иван V Алексеевич менен Петр I Алексеевич үчүн жасалган 2 орундуу падыша тактысы.

Екатерина I Алексеевна
(1725-1727-жж.)



Петр I өлгөндөн кийин падыша сарайында такты талашкан эки партия түзүлгөн. Анын бирине Репнин, Голицын жана князь Долгорукийлер кирген да, алар падыша тактысына Петр I нин 10 жаштагы небереси, царевич Алексейдин уулу Петр II ни отургузууга аракет кылышкан. Бирок гвардиялык полктордун жардамы менен Меньшиков жана Толстой тактыга Петр I нин жесири Екатеринаны көтөрүшкөн. Анын кандидатурасын Синоддун тасирдүү мүчөлөрү: Феодосий Псковский жана Феофан Новгородскийлер да колдошкон. Петр Інин небереси улуу князь Петр Алексеевич тактынын мураскери деп жарыяланган.

Өлкөнүн чыныгы башкаруучусу Екатерина I нин фаворити А.Меншиков болуп калган. Анткени, Екатерина өтө жумшак, бирөөлөрдүн таасиринен чыга албаган, чоң мамлекетти башкарууга жөндөмсүз аял болгон. Өлкөнү башкарууда ал дайыма кеңешчилерине таянган. Мамлекеттик манилүү маселелерди чечүү үчүн 7 адамдан турган **Жогорку жашыруун Кеңеш** түзүлгөн. Кеңеш мыйзам чыгаруучу укукка ээ болгон. Императрица Кеңеште талкуулабай туруп, бир да указ чыгарган эмес.

Петр I пландаштырган көп иштеринин аягына чыкпай кеткен. Жаңы бийликтегилер үчүн ал иштерди бүтүрүү да кыйын болгон. Анткени, көпкө созулган согуштар өлкөнүн финансысын начарлаткан. Түшүм болбой калгандыктан нандын баасы кескин жогорулап кеткен, өлкөдө нааразычылык күч ала баштаган. Көтөрүлүш чыгып кетүү коркунучу жаралган. Ошондуктан, анын

алдын алуу үчүн жан башынан алынуучу салык кыскартылган. Жогорку жашыруун Кеңеш Петр I киргизген жергиликтүү бийлик органдарын да жоюп, воеводалардын бийлигин кайра калыбына келтирген.

Екатерина Інин башкарган жылдарында Илимдер Академиясы ачылган, В. Берингдин экспедициясы уюштурулган, Ыйык Александр Невский ордени киргизилген. Тышкы саясатта болсо, Россия Екатерина Інин мезгилинде Турция, Англия жана Дания менен согуш аракеттерин жүргүзгөн.

Митайым жана алысты көрө билген Меншиков Петр бийликке келсе, өзүнүн сарайдагы таасири жоголорун билген. Ошондуктан ал, күндөн-күнгө ден соолугу начарлап бараткан Екатеринанын макулдугун алып, өзүнүн кызын царевич Петр Алексеевичке турмушка берүүгө аракет кыла баштаган.

1727-жылдын жазында Екатерина ооруп калган да, 6 майда көз жумган. Анын сөөгү 15-май күнү Петропавловск соборуна коюлган. Екатерина I такты мураскеринин ысмын атаган керээзине да кол кое алган эмес. Ал керээзге оорукчан апасынын ордуна царевна Елизавета Петровна кол койгон. Керээзге ылайык императордук такты Петр Алексеевичке өткөн.

Петр II Алексеевич
(1727-1730-жж.)



Императрица Екатерина I нин керээзинин негизинде 1727 жылы Россия тактысына Петр I нин 11 жаштагы небереси Петр II Алексеевич отурган. Меншиков өзүнүн абалын сактап калуу үчүн баарын жасаган. 1727-жылы ал, Екатерина I нин мезгилинде алууга үлгүрбөй калган Генералиссимус наамын алган. Эми, сарайда ага тең келген эч ким болбой калган. Жаш императорду өз таасиринен чыгарбоо максатында, ал, (А. Меншиков – С.С.) Петр II ни кызы Марияга шакек салдырууга жетишкен. Петр II жашынан жакшы тарбия ала алган эмес. Меншиков Петр Алексеевичтин тарбиячысы кылып, граф Остерманды дайындаган жана ага айына 6 миң сом айлык төлөп турган. Бирок, куу жана интриган Остерман жаш императордун биринчи душманы, анын келечектеги кайын атасы А.Меншиков экенин күндө анын кулагына куюп, императорду Меншиковдон акырындап алыстаткан.

Сарайдагылардын көпчүлүгү тексиз Меншиковду жактырышкан эмес. Князь Долгорукийлер императорду Меншиковду камакка алууга көндүрүшкөн. Натыйжада Меншиков камакка алынып, бүт байлыгынан, сыйлыктарынан жана наамдарынан ажырап, үй-бүлөсү менен Сибирге сүргүнгө айдалган. Өз учурунда «жарым өкүмдар» деген наам алган А. Меншиков 1729-жылы Сибирдин кайдагы бир Березово деген кыштагында көз жумган.

Көп өтпөй Петр II өзүнүн жакындары менен Москвага көчүп кеткен жана убактысынын көпчүлүгүн аң уулоо менен өткөргөн. Ал

эми Долгорукийлер болсо өздөрүнүн бийлик абалын бекемдөө максатында 1929-жылдын 19-ноябрында, А. Меншиковдун жолун жолдоп, император менен княжна Екатерина Долгорукаянын шакек салуу ырым-жырымын өткөрүп, үйлөнүү тоюн 1730-жылдын 19-январына белгилешкен.

Петр II өзүн Петр Інин өзгөртүүлөрүнүн душманы деп жарыялаган жана чоң атасы түзгөн мекемелердин көпчүлүгүн жойгон. Өлкөдөгү бүткүл бийлик Жогорку жашыруун Кеңешке өткөн. Бирок, Жогорку жашыруун Кеңеш өтө сейрек чогулган, ал эми Петр II болсо убактысынын көпчүлүгүн оюн-зоок менен өткөрүп, мамлекеттик иштер жөнүндө ойлонгон да эмес. Ошол мезгилде Россияда болгон чет элдик элчилер, Россияда баш аламандык өкүм сүрүп жаткандыгы жөнүндө көп жазышкан.

1730-жылдын январында император күтүлбөгөн жерден оспа оорусу менен ооруп калган да көп өтпөй эле (үйлөнүү тоюнун алдынан, 19-январга караган түнү - С.С.) көз жумган. Петра II нин өлүмү менен Романовдор династиясынын эркектер тараптагы линиясы үзүлгөн. Петр II өлгөндөн кийин, Жогорку жашыруун Кеңеш Россия тактысына Иван Vнин кызы, Курляндия герцогунун жесири Анна Ивановнаны чакырышкан.

Анна Ивановна
(1730-1740-жж.)



Петр II такты мураскерин атабай кеткендигине байланыштуу Жогорку жашыруун Кеңештин сунушу менен тактыга 1730-жылдын январында Анна Ивановна шайланган. Улуу Петрдун небереси Петр II нин өлүмү менен Романовдордун эркек мураскерлеринин линиясы үзүлгөн. Орус тактысы эми Петр I нин аталаш бир тууганы Иван Алексеевичтин урпактарына өткөн. Анын (Иван Vнин-С.С.) улуу кызы, Мекленбург принцинин жубайы болгон Екатеринаны тактыга отургузуу ыңгайсыз деп табылган да, падышалыкка Иван Алексеевичтин экинчи кызы, Курляндиянын жесир герцогинясы Анна чакырылган. Анна Ивановна 1710-жылы ноябрдын башында Курляндия герцогунун баласы Фридрих Вильгельмге турмушка чыккан. Алардын үйлөнүү тою Петербург шаарынын губернатору А.Меншиковдун сарайында абдан шаан–шөкөт менен өткөн. Бирок, 1711-жылдын январында жаш жубайлар Петрбургдан Курляндияга кетип бара жатканда Аннанын күйөөсү ооруп калып, тез эле көз жумган. Айрым маалыматтар боюнча ал (Фридрих Вильгельм – С.С.), аракты чексиз көп ичип алгандыктан өлгөн.

Тактыга шайлануунун алдында Анна Ивановна, Жогорку жашыруун Кеңеш тарабынан түзүлгөн жана анын бийлигин бир кыйла чектеген «Кондицияга» кол койгон. Князь Д.М. Голицындын планы боюнча Жогорку жашыруун Кеңеште конституциянын долбоору талкууланган. Конституция боюнча императрица өзүнүн сарайын гана башкарууга тийиш болгон, ал эми өлкөдөгү жогорку бийлик Жогорку жашыруун Кеңештин колуна өтмөк. Бирок, Анна

Митавада тактыны кабыл алып жатып, «Кондицияны» айрып салган.

Анна Ивановна жаш кезинде тийиштүү тарбия жана билим ала алган эмес, ошондуктан, ал өмүрүнүн акырына чейин караңгы, билимсиз бойдон кала берген. Ал убактысынын көбүн атчан жүрүү жана аң уулоо менен өткөргөн. Анна Ивановнанын жаман адаттары көп болгон: айланасында ар дайым өзүн күлдүрүүчү бир топ маскаропоздорду алып жүргөн, терезеде туруп алып тарсылдатып мылтык атып, таранчыларды чоочутканды жакшы көргөн. Ал эми театрда болсо, кызыл чеке болуп сабашкан эпизоддору көп спектаклдерди гана көрүүнү жактырган. Ошондой эле, императрица бир эле учурда асемдүүлүккө умтулуусу жана балиттиги менен айырмаланган.

Анна, императордук тактыга отургандан кийин айланасына чет элдиктерди (негизинен немецтерди – С.С.) топтоп, орус ак сөөктөрүн куугунтуктай баштаган. Иш жүзүндө өлкөдөгү бийлик канцлер Остермандын жана Аннанын фаворити, Курляндиядан атайын чакырылган Эрнст Бирондун колунда болгон. Армиянын башында болсо, фельдмаршал - немец Миних турган. Жогорку жашыруун Кеңеш жоюлган.


Эркин ой жүгүртүү катуу куугунтукка алынган: коркунучтуу деп эсептелинген адамдардын баары репрессияланып, Сибирге айдалган. Салык саясатынын оорлошу жана дыйкандардын крепостнойлук абалынын күчөшү элдик толкундоолорго алып келген. Жакырданган дыйкандар Россиянын чет жакаларына массалык түрдө кача башташкан. Сарайды кармоого сарпталган чыгым, казынанын бош болгондугуна карабай, Петр I нин мезгилине караганда 5 эсе көп болгон.

Ошентсе да, билим берүү сферасында айрым бир өзгөрүүлөр болгон: дворяндар үчүн Кургактагы (Сухопутный) шляхталык кадеттик корпус, Сенаттын алдында мамлекеттик чиновниктерди даярдоочу окуу жайы, Илимдер академиясынын алдында 35 адамдык семинария ачылган. Россиядагы почта кызматынын уюштурулушу жана чоң шаарларда тартипти сактоо үчүн атайын полиция бөлүктөрүнүн киргизилиши ушул мезгилге туура келет.

Петр I өлгөндөн кийин Россиянын тышкы саясаты көп убакытка чейин А. Остермандын колунда болгон. 1734-жылы Россия «польша мурасы» үчүн Франция менен согуштук конфликтке барган. Россиянын жеңиши Польша тактысында король Август IIIнүн бекемделишине өбөлгө түзгөн. 1735-жылы Туркия менен согуш башталган. Ал 1739-жылы Белград тынчтык келишими менен бүткөн. Бирок, орус армиясынын ийгиликтерине карабай, Россия олуттуу уступкаларга барган: ал Азов сепилин алган, бирок анда аскердик гарнизон кармоого жана чыңдоолорду курууга укугу жок болгон, Кара деңизде Россиянын флот кармоосуна тыюу салынган. Анна Ивановнанын башкаруу мезгилинде Россия жүргүзгөн согуштар, империянын Европадагы беделин көтөргөнү менен, ага эч кандай пайда алып келген эмес.

1740-жылы 17-октябрда Анна Ивановна 47 жашында каза болгон. Тактыны абасы Петр I нин кызы Елизавета Петровнага ыраа көрбөгөн императрица өзүнүн керээзинде, анын башкаруусунан кийин орус тактысынын мураскорлору катары, эжеси Екатерина Мекленбургскаянын урпактарын жарыялаган. Анын (Екатеринанын – С.С.) кызы Елизавета-Екатерина-Христина православ динине өтүп, Анна деген ысымды алган. Брауншвейг принци Антон-Ульрихке турмушка чыккан Анна Леопольдовна 1740-жылы Иван аттуу уулдуу болгон. Анна Ивановна бул жаш

бөбөктү көзү тирүү кезинде эле тактынын мураскери деп жарыялаган жана фаворити - герцог Бироңду регенттик кызматка дайындаган.



Императрица Анна Ивановна үчүн 1731-жылы жасалган императордук таажы

Иван VI Антонович
(1740-1741-жж.)



Анна Ивановна өлгөндөн кийин, анын керээзине ылайык тактыга принц Антон-Ульрих Брауншвейг-Люнебургскийдин жана принцесса Анна Леопольдовна Мекленбургскаянын 2 айлык уулу Иван Антонович отурган. Маркум императрицанын фаворити герцог Бирон ымыркай императордун регенти болуп калган. Бул Бирондун карьерасындагы эң жогорку кызматы болгон. Бир айга жетпеген кыска мөөнөттүк башкаруусунда Бирон элдин колдоосуна ээ болуу максатында жан башынан алынуучу салыкты кыскарткан, сарайдагы шаан-шөкөттөрдү чектеген, мыйзамдарды бекем сактоо жөнүндө манифест чыгарган. Бирок бул аракеттер аны сактап кала алган эмес.

1740-жылдын 9-ноябрында фельдмаршал Миних башында турган сарай төңкөрүшүнүн натыйжасында Бирон камакка алынып, Тобольск губерниясына сүргүнгө айдалган. Өлкөнүн башкаруучусу болуп жаш императордун апасы Анна Леопольдовна жарыяланган.

Анна Леопольдовна бийликтен тез пайдаланган. Ал, күйөөсү Антон Ульрихтин Россиянын алдында эч кандай эмгеги болбосо да, ага эң жогорку аскер наамы – Генералиссимус наамын алып берген. Анна Леопольдовна эч качан чачын тарабаган, шалакы жана балит аял болгон. Анын, күйөөсү сыяктуу эле, мамлекеттик башкаруу иши жөнүндө эч кандай түшүнүгү болгон эмес. Россия үчүн алар таптакыр жат адамдар болушкан.

Анна Леопольдовна болгону бир жыл гана бийликте турган. 1741-жылдын ноябрь айында Петр Інин кызы Елизавета Петровна

Преображенск полкунун колдоосу менен төңкөрүш жасап, башкаруучуну үй-бүлөсү менен, бир жаштагы император Иван VIны кошо камакка алган.

1744-жылы Анна Леопольдовна үй-бүлөсү менен жашыруун Холмогорго сүргүнгө жөнөтүлгөн. Бул жерде Иван Антонович дээрлик 12 жыл бою жалгыз жашаган. 1756-жылы Холмогор шаарында мурдагы императордун шаарда жүргөндүгү жөнүндө ушак тараган, ошондон кийин Иван Антонович Шлиссельбург сепилине которулуп, жалгыз кишилик камерада кармалып турган. Ал кандайдыр бир жол менен окуп-жазууну үйрөнгөн, ошондуктан ага Библияны окууга уруксат берилген.

Петра III тактыга отургандан кийин да (1762-ж.) бактысыз туткундун абалы өзгөргөн эмес. Екатерина II бийликке келгенден кийин, сакчыларга, Иван VIны монах санын алууга макулдатууга буйрук берген. Бирок, 1764-жылы Смоленск полкунун подпоручиги Василий Яковлевич Мирович Иван Антоновичти бошотуп, аны император деп жарыялоого аракет жасагандыгына байланыштуу, сакчылар императрицанын так көрсөтмөсүнө ылайык Иван Антоновичти өлтүрүшкөн. Мирович да өлүм жазасына өкүм кылынган. Императордун сөөгүн болсо, Шлиссельбург сепилинин дубалынын алдына жашыруун көмүшүп, мүрзөсүн жер менен бирдей кылып тегиздеп салышкан.

Елизавета Петровна
(1741-1761-жж.)



1741-жылдын 25-ноябрга караган түнү Петр Інин кызы Елизавета Петровна гвардиялык офицерлердин колдоосу менен сарайда төңкөрүш жасап, императордук тактыга отурат.

Елизавета Петровна «акылдуу жана боорукер, бирок, орустун эрке жана тартипсиз барынясы болгон». Ал бир күдө бир нече көйнөк алмаштырган. Императрица өлгөндө, анын гардеробунан 15 миң көйнөк, эки сандык жибек байпак (чулки) чыккан. Елизавета Петровнага эркек кийим абдан жарашкан. Ошондуктан ал, сарайдагы эркектерди аялча, ал эми аялдарды эркекче кийиндирип бал өткөргөндү жакшы көргөн. Сулуу, куунак жана санаасыз Елизавета Петровнанын фаворити сарайдагы эң биринчи ырчы черниговдук казак Алексей Разумовский болгон. Алексей Григорьевич Разумовский менен Елизавета Петровнанын жашыруун никеге тургандыгы жөнүндө такталбаган маалыматтар бар. Кантсе да императрица А.Разумовскийди өмүрүнүн акырына чейин бекем сүйгөн.

Императрицанын эң алгачкы мамлекеттик иш чараларынын бири тактыны мурастоо тартибин орнотууга багытталган. Ушул максатта Елизавета Петровна Голштиниядан өзүнүн тууганы, эжеси Анна Петровнанын уулу Карл Петр-Ульрихти (келечектеги Петр IIIнү) чакырып, аны тактынын мураскери жана улуу князь Петр Федорович деп жарыялап, мураскерди орус тилин үйрөнүүгө мажбурлаган.

Елизавета Петровна өзүнүн ички саясатында атасы Петр Інин иштерин калыбына келтирүүгө аракет кылган. Бирок

императрицада мамлекетти башкаруунун атайын программасы болгон эмес. Ошентсе да, Елизавета Петровна орус элинин кадыр - баркын калыбына келтирген жана өлүм жазасын алып таштаган. Сенаттын мурдагы абалы калыбына келтирилип, Министрлер кабинети жоюлгандан кийин, ал, мамлекеттеги жогорку башкаруу органына айланган. Анын административдик-соттук функцияларына эми мыйзам чыгаруу укугу кошулган. Императрица аябай динчил болгондуктан, өлкөдө Синоддун жана дин адамдарынын мааниси да кыйла жогорулаган.

Мамлекеттеги чоң проблеманын бири – финансы маселеси болгон. Он жылдан ашык убакытка созулган немецтик башкаруудан кийин Россиянын финансылык абалы өтө оор болгон. Атайын түзүлгөн Коммерциялык комиссия тышкы сооданы өнүктүрүүгө багытталган бир нече проэктерди иштеп чыккан. Дворяндарга жана соодагерлерге арзан кредит берүүчү Мамлекеттик жана Заемдук банктар ачылган. Бул иш чаралардын натыйжасында өнөр жайда жана соодада акырындап өнүгүү байкалган. 1754 жылы Сенат П.И.Шувалов тарабынан иштелип чыккан жана бүткүл россиялык рыноктун өнүгүшүнө түрткү берген ички бажыларды жоюу жөнүндөгү токтом кабыл алган. Ошол эле учурда түштүк региондорго славяндарды отурукташтыруу саясаты да күч алган.

Елизавета Петровнанын тушунда көптөгөн аскердик окуу жайлар кайра түзүлгөн. 1744-жылы башталгыч мектептерди кеңейтүү жөнүндөгү указ чыккан. Россияда 1755-ж. Москвада жана 1758-ж. Казаньда эң алгачкы гимназиялар ачылган. 1755-жылы П.И.Шувалов жана М.В.Ломоносов Москва университетин негиздешкен. 1756-жылы Санкт-Петербургда жалпы эл кирүүчү

театр ачылган. Россия жөнүндө статистикалык жана географиялык маалыматтарды жыйноо иши жүргүзүлгөн.

Елизавета Петровнанын башкаруу жылдарында Россия империясынын эл аралык абалы бир кыйла жогорулаган. Орус – швед согуштук конфликтин жыйынтыктаган Абос тынчтыгы (1743-ж.) боюнча Россияга Түштүк Финляндиянын бир бөлүгү өткөн. Россия Австрия менен Франциянын тарабында Пруссияга каршы 7 жылдык (1756-1763-жж.) согушка катышкан. Согуштун жүрүшүндө орус аскерлери Фридрих IInин жеңилбес армиясын талкалап, 1760-жылы Пруссиянын борбору Берлинди алышкан, бирок Елизавета Петровнанын өлүмү орус аскерлеринин Жети жылдык согушка катышуусун токтоткон.

Елизавета Петровна расмий түрдө күйөөгө чыккан эмес жана балалуу болбогон. Бирок анын никесиз балдары жөнүндөгү ушак-айың жана такталбаган маалыматтар ошол мезгилден азыркы күнгө чейин айтылып жана жазылып келүүдө.[9]

Елизавета Петровна 1761-жылдын 25-декабрында 53 жашында көз жумган. Сөөгү Санкт-Петербург шаарындагы Петропавловск соборуна коюлган.

[9] Караңыз:Козлов Ю.Ф. Страницы правления государством Российским.- Йошкар-Ола, 1990, 156, 161-162 бет...

Петр III Федорович
(1761-1762-жж.)



Императрица Елизавета Петровна өлгөндөн кийин орус тактысын Петр III ээлеген. Ал, Петр Інин жана Карл XIIнин эжесинин небереси болгон. Россияга келгенге чейин Карл-Петр-Ульрих Голштейн-Готторпский швед тактысын ээлөөгө даярданган, ошондуктан лютеран катехизисин, швед жана латын грамматикасын окуп үйрөнгөн. Орус тактысынын мураскери жана улуу князь Петр Федорович деп жарыялангандан кийин, ал, императрица Елизаветанын буйругу менен орус тилин жана православ катехизисин окуп-үйрөнө баштаган.

Петр Федорович системалуу билим алган эмес. Кыймыл аракети дайыма көзөмөлдө болгон ал, кыжырлуу, урушчаак, өзүнүкүн бербеген, калпычы жана жүзү кара болуп өскөн. Ал эми, Россияда болсо, ченемсиз арак ичүүнү үйрөнгөн. Ал, күн сайын, убактысынын көбүн ырчы кыздардын жана актрисалардын компаниясында шапар тебүү менен өткөргөн. 14 жашында Петр таптакыр билимсиз болгон. Анын түркөйлүгүнө Елизавета Петровна да таң калган. Келечектеги императордун сыйлаган бир гана адамы болгон: ал, Фридрих IIни кудайындай көргөн. 1745-жылы 17 жашка толгон Петр Пруссиянын королу Фридрих II сунуштаган пруссиялык генералдын 16 жаштагы кызы Софья Августа Фредерика Анхальт-Цербтскаяга үйлөнгөн. Россияда православ динин кабыл алган Софья, Екатерина Алексеевна (келечектеги Екатерина II – С.С) деген ысымды алган. Көп өтпөй жаш жубайлар Павел аттуу уулдуу болушкан.

1762-жылы 18-февралда Петр III бардык орус дворяндарына эркиндик жана жеңилдик берген Манифест чыгарган. Ага ылайык, дворяндар, Петр I тарабынан киргизилген милдеттүү кызмат өтөөдөн бошотулган. Өзүнүн 7 айлык башкаруусунда Петр III бир нече указ чыгарган: Жашыруун канцеляцияны жоюу жөнүндө, Россиядан качкан раскольниктерге мекенине кайтууга уруксат берүү жөнүндө. Бул указдарды иш жүзүнө ашыруу менен Петр IIIнүн жакындары анын эл арасындагы кадыр–баркын көтөрөбүз деп ойлошкон.

Бирок, Петр III өзүнүн жүрүм-туруму, жасаган иштери менен Россиянын бардык таптарына жана сословиелерине, айрыкча дин адамдарына жек көрүндү болуп алган. Петр III священниктердин сакалын алып, православ кийимдерин лютеран кийимдери менен алмаштыруусуна буйрук берген. Бирок бул буйруктун аткарылуусу кечеңдеп, иш жүзүнө ашпай калган. Андан сырткары император орус армиясында прусс тартиптерин киргизген: муштраны, прусс формасын ж.б. Петр III: «Россияда император болгондон көрө, Пруссияда полковник болгон жогору» - деп көп айткан. Анын мындай текебердиги орус дворяндарынын жана аскер адамдарынын кыжырын кайнаткан.

Петр III Россиянын Жети жылдык согушта андан ары катышуусунан жана Пруссиядагы бардык орус жеңип алууларынан баш тарткан. Аны менен ал, Фридрих IInин армиясын толук капитуляциядан сактап калган.

Замандаштары билдиргендей, Петр IIIнүн саясатына бардык эл нааразы болгон. Гвардиянын жаш офицерлеринин арасында кутум даярдала баштаган, анын уюштуруучусу Петр IIIнүн жубайы Екатерина эле. Кутумчулардын катарында бир тууган Орловдор, Алексей жана Кирилл Разумовскийлер, графиня Екатерина

Дашкова болгон. 1762-жылдын июнь айында Измайловский жана Семеновский полктору императрицага ишеним билдирип, ант беришкен. Екатерина гвардеецтердин коштоосу менен Санкт-Петербургдагы Казань соборуна келип, ал жерде императрица деп жарыяланган.

Ошол эле күнү Кышкы сарайда Екатеринага Сенат жана Синод ант беришкен. Петр III төңкөрүшчүлөрдүн кысымы астында тактыдан баш тарткандыгы жөнүндөгү документке кол коюп, Ропшага сүргүнгө айдалган. Ал жерде тактыдан ажыраган император үй камагында болгон. Бирок көп өтпөй эле Петр III ал жерде көз жумган. «Туткунду» кайтарып турган Алексей Орлов, Екатеринага жазган катында экс императордун өлүмү «кокустуктан» болгондугун билдирген. Кийинчерээк, Петр III жубайы Екатеринанын макулдугу менен кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөндүгү билинген. Бул окуя 1762-жылдын 6-июлунда болгон.

Петр IIIнүн сөөгү Александр-Невский лаврасындагы Благовещенский чиркөөсүнө көмүлгөн. 1796-жылы бактысыз императордун сөөгүнүн калдыктарын уулу-император Павел I Петропавловск соборуна Екатерина IInин сөөгү менен кошо кайра көмгөн.

Екатерина II Алексеевна (1762-1796-жж.)



Екатерина II менен Петр IIIнүн ортосундагы үй-бүлөлүк мамиле эч качан ынтымактуу болгон эмес. Екатерина Петрдун император болушун башынан эле каалабаган. Экөөнүн ортосундагы байкалбаган каршылашуу барган сайын күч алып отурган. Натыйжада 1762-жылдын 28-июнунда Петр IIIнүн башкаруусунун 186-күнүндө, гвардеецтердин колдоосуна таянган Екатерина II сарай төңкөрүшүн уюштуруп, күйөөсү император Петр IIIнү бийликтен кулатып, тактыга өзү отурган. Екатерина IInин таажы кийүү ырым-жырымы 22-сентябрда Москвада абдан чоң шаан-шөкөт менен өткөн.

Екатерина II жаратылышынан акылдуу, мүнөзү катуу аял болгон. Өмүрүнүн калганын өткөрүү үчүн Россияга келген Екатерина, күйөөсүнөн айырмаланып, орус тилин, орус элинин каада-салтын терең үйрөнүүгө катуу киришкен. Ал абдан көп тарыхый жана философиялык эмгектерди окуп чыгып, өз заманынын эң билимдүү аялдарынан болгон. Орус императрицасы Вольтер жана башка француз энциклопедисттери менен кат алышып турган жана өзүнүн автобиографиясын жазып калтырган.

Екатерина II жогорку аристократиянын жана гвардиянын бийликтеги таасирин төмөндөтүп, өзүнүн самодержавиялык бийлигин бекемдөөгө аракет кылган. Ушул максатта 1763-жылы императрица Сенатты реформалап, аны мыйзам чыгаруучу органдан соттук-көзөмөлдөөчү органга айландырган. 1768-жылы императрицанын алдында консультация жана көрсөтмө берүүчү Кеңеш түзүлгөн.

1764-жылы жаңы Уложение иштеп чыгуу үчүн атайын Комиссия түзүлүп, Комиссиянын ишине дворяндар, шаардыктар, казактар жана мамлекеттик дыйкандар катышкан. Өзүнүн ишинде Комиссия императрица иштеп чыккан «Наказды» жетекчиликке алууга тийиш болгон. «Наказдын» өзөгүн XVIIIкылымдагы француз агартуучуларынын идеялары түзүп, өтө либералдык мүнөздө болгондуктан, ал Францияда да тыюу салынган китептердин тизмесинде болгон. Комиссия өз ишин аягына чыгара алган эмес, бирок анын материалдары бир кыйла деңгээлде Екатерина IIнин ички саясатынын багытын аныктаган.

1775-жылы Екатерина жергиликтүү бийликти чыңдоо жана дворяндардын ролун жогорулатуу максатында, «Губернияларды башкаруучу мекеме» аттуу мыйзам кабыл алган. Ал эми, 1785-жылы болсо, дворяндардын артыкча укуктарын кеңейткен жана бекиткен «Дворяндар үчүн Жалованная грамота» чыккан.

Крепостнойлук эзүүнүн күч алышы дыйкандар кыймылынын жогорулашына алып келген. 1773-1775-жж. Е.Пугачев башында турган Россиянын тарыхындагы эң кубаттуу дыйкандар согушу жүргөн. Бирок көтөрүлүшчүлөр жеңилип калган.

Екатерина IIнин башкарган жылдарында калкты медициналык жактан камсыздоону жакшыртуу багытында да иш чаралар жүргүзүлгөн. Ар бир шаар, уезддерди тейлөөчү өзүнүн врачтарын, госпитал жана ооруканаларды, акылынан ажырагандар жана айыкпас ооруга чалдыккандар үчүн приюттарды кармоого милдеттүү болгон.

1763-жылы Москвада, 1767-жылы Петербургда энелери таштап кеткен балдар үчүн Тарбия үйлөрү ачылган.

Императрица кыздардын билим алуусуна негиз салган: Петербургда 1764-жылы дворян кыздары жана шаардык кыздар

үчүн жабык типтеги институттар ачылган. Өлкөдө бир нече жаңы кадеттик корпустар, 1783-жылы Россиянын эне тил академиясы ачылган. Бул академиянын президенти болуп княгиня Е. Дашкова дайындалган.

Бул мезгилде Россиянын тышкы саясатында 2 негизги проблема болгон: биринчиси Кара деңизге чыгууга багытталган – түрк проблемасы, экинчиси жаңы территорияларга ээ болууга багытталган - Польша проблемасы. 1772-1774-жылдары биринчи орус түрк согушу Россиянын жеңиши менен аяктап, Түркия менен түзүлгөн тынчтык келишиминин шарттарына ылайык Кара жана Азов деңиздеринин жээктери Россияга өткөн, Крым хандыгынын көз каранды эместиги жарыяланган (1783-ж. Россия Крымды өзүнө кошуп алган – С.С.). Орус соода флоту Босфор жана Дарданелл кысыктарынан эркин сүзүп өтүү укугуна ээ болгон, бул болсо Россиянын соодасынын өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. 1787-1791-жж. жүргөн экинчи орус-турк согушунун натыйжасында Россия Новороссийск, Крым жана Очаков сепилине ээ болгон.


Бул аралыкта Польша ички саясий бытырандычылыктын натыйжасында абдан алсыраган, ошондуктан Россия үчүн Польша эч кандай коркунучту деле жараткан эмес, бирок илгертен Белоруссия жана оң жээктик Украинанын аймактары үчүн келе жаткан талаш чечилбеген бойдон кала берген. 1769-жылы Россия Польша королунун тактысына Екатерина IInин мурдагы фаворити Станислав Понятовскийди отургузууга жетишкен. Бирок бул, Австриянын нааразылыгын туудурган. Австрия менен Россиянын каршылашуусу Польшаны бөлүү идеясына алып келген.

1772-жылдагы Польшаны биринчи бөлүүдө, Россия Белоруссияны алган, 1993-жылдагы экинчи бөлүүдө Россияга Волынь, Подольск, Минск губерниялары өткөн, 1795-жылкы үчүнчү

жана акыркы бөлүү, Россияны Литва жана Курляндияга ээ кылган. Польша мамлекети өз алдынча көз каранды эмес бирдиктүү мамлекет катары жоюлган. 1788-1790-жылдары Швеция менен жүргөн согуш эч кандай жыйынтыкка алып келген эмес.

Тышкы саясатта Екатерина II Улуу Петрдун линиясын улантканжана Россия империясынын эл аралык абалын бир кыйла бекемдеген.

Екатерина II орус аскерлеринин Персия жүрүшүн уюштуруп жаткан учурда 1796-жылдын 6-ноябрында кокустан каза болгон. Императрицанын сөөгү Санкт-Петербург шаарындагы Петропавловск соборуна коюлган.



Санкт-Петербург шаарындагы Петр Iнин эстелиги (Медный всадник). Бул эстелик 1766 - 1778 жж. императрица Екатерина II нин чакыруусу менен келген француз скульптору – Э. Фальконе тарабынан тургузулган. Эстелик 1782 жылы ачылган.

Павел I Петрович
(1796-1801-жж.)



Император Петр IIIнүн жана императрица Екатерина IIнин уулу Павел Петрович 1796-жылдын 6-ноябрында 42 жашында орус тактысын ээлеген. Павелди императрица Елизавета Петровна тарбиялаган. Ал диртилдек, таасирге бат берилүүчү, өтө шектүү, ыгы жок ачуулуу болуп өскөн. Жаш кезинен эле аскер парадына жана аскер кызматына өтө кызыккан. Такты мураскери жакшы билим алган. Бирок, Екатерина II Павелди мамлекеттик иштерге жакындатпай, анын катуу мүнөзүн жана мамлекетти башкарууга жөндөмсүздүгүн шылтоолоп, тактыны небереси - улуу князь Александр Павловичке калтырууну каалаган. Ал эми сарайдагылар, императрицанын бул чечимине карандай каршы чыгышкан.

Император тактысына отурган Павел, атасы Петр IIIнүн сөөгүн Александр Невский лаврасынан каздырып, энесинин сөөгү менен бирге, бирдей шаан–шөкөт менен Петропавловск соборуна койдурган. Павелдин эң алгачкы маанилүү мамлекеттик актысы 1722-жылы Петр I киргизген тактыны мурастоо тартибин өзгөрткөндүгү болгон. Жаңы указга ылайык, такты «табигый» укук боюнча атасынан тун уулуна өтүүгө тийиш болгон.

Павел кичинесинен энесинин жакшы мамилесин көрбөгөндүктөн жана тактыны көп күтүп калгандыктан, энесин жек көргөн. Ошондуктан, жаңы императордун бардык иш чаралары Екатерина IIнин ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жокко чыгарууга багытталган. Иште тартипти орнотуу үчүн чыгарылган указдар, чындыгында Екатерина II киргизген мурдагы ийкемдүү

башкаруу системасын бүлүнткөн. Мисалы, Павел I эски башкаруу органдары болгон коллегияларды калыбына келтирген. Бирок көп өтпөй, алар (коллегиялар – С.С.), Александр тарабынан министрликтер менен алмаштырылган.

Улуу француз революциясынан катуу чоочуган Павел, өтө реакциячыл ички саясатты жүргүзгөн. Өлкөдө катаал цензура орногон, бардык жеке менчик басмаканалар жабылган, чет өлкөлөрдөн китеп алып келүүгө тыюу салынган. Павел 1785-ж. кабыл алынган «Дворяндардын Жалованная грамотасын» бир кыйла чектеген жана жергиликтүү бийликтин укугунун көбүн алып таштаган. Кылмыш жасаган дворяндарды жана шаардыктарды сабап жазалоо кайрадан киргизилген. Император дыйкандарды жерсиз сатууга тыюу салган указга кол койгон. Барщинаны бир аптада 3 күнгө чейин кыскартуу сунушу киргизилген жана дыйкандардын арызданууусуна уруксат берилген.

Тышкы саясатта Павел I Персия менен жүргөн согушту токтоткон. Россия Францияга каршы түзүлгөн коалициядан чыккан жана Франциянын согуштук аракеттерин дипломатиялык жол менен токтотууга аракет кылган. Бирок, кийинчерээк Россия баары бир Ионика деңизинде, Түндүк Италияда жана Швейцарияда жүргөн Францияга каршы согуштарга катышкан. 1800-жылдан баштап, Павел I тышкы саясатынын багытын кескин өзгөртүп, Франция менен жакындаша баштаган.

Павел 1773-жылы Гессен-Дармштадт принцессасы Наталья Алексеевнага (Луиза Вильгельминага) үйлөнгөн. Бирок, болочок императордун жаш жубайы 1776-жылы төрөттөн көз жумган. Ошол эле жылы Екатерина II Павелди Вюртемберг принцессасы Софья Доротея Августа Луизага (православ динине өткөндөн кийин, Мария Федоровна деген ысымды алган – С.С.) үйлөгөн. Мария

күйөөсүнөн бир топ эле узун болгон. Павел парик менен анын далысына араң жеткен. Павел I менен Мария Федоровна 10 балалуу (5 уул, 5 кыз – С.С.) болушкан.

1801-жылы императордун ишенбөөчүлүгү жана шектенүүчүлүгү эң жогорку чегине жеткен. Ал, үй-бүлө мүчөлөрүнөн да шектене баштаган. Падыша сарайындагылар аны акыл эсинен адаша баштады деп да ойлошкон. 1800-жылдын күзүнөн баштап императорго каршы кутум уюшула баштаган. Ага гвардиянын офицерлери, англиялык дипломаттар, атүгүл анын тун уулу Александр да катышкан. 1801-жылдын 11-мартынан 12-мартына караган түнү кутумчулар Михайловский замогундагы императордун уктоочу бөлмөсүнө жулунуп киришип, Павел Ini тумчуктуруп өлтүрүшкөн. Кутумчулардын башчысы Санкт-Петербургдун аскер генерал-губернатору П.А. Пален болгон. Павел I Петровичтин жашоосу ушинтип, атасы Петр IIIнүн тагдыры сыяктуу кайгылуу аяктаган. Расмий маалыматта императордун «мээсине кан куюлуп өлдү» деп билдирилген.

Александр I Павлович
(1801-1825-жж.)



1801-жылдын 12-мартына караган түндөгү падыша сарайындагы кутум, император Павел Інин жана императрица Мария Федоровнанын тун уулу Александрды тактыга алып келген.

Александр чоң энеси Екатерина Інин колунда тарбияланган. Небересине тарбиячыларды императрица өзү тандаган жана өзү атайын тарбиялык насыят жазган. Бирок, улуу князь эрте үйлөнгөндүктөн, анын билим алуусу акыр аягына чыкпай калган.

Александр I башкаруусунун биринчи жарымында бир топ либералдык реформаларды жүргүзгөн. Ошондуктан, Ата Мекендик согушка (1812-ж.) чейинки мезгил «либерализм доору» деген атка конгон. Император камактагы дворяндарга жана офицерлерге эркиндик берген, атасы тарабынан сүргүнгө айдалган мамлекеттик ишмерлерди кайра кайтарган, кыйноолорго тыюу салган указ чыгарган, 1785-жылдагы «Жалованная грамотаны» калыбына келтирген. Аталган иш чаралар жана Александрдын өзүнүн жылдыздуулугу, аны Россия коомунда аябай белгилүү инсанга айланткан. Бирок, Александр атасына каршы кутумга аралашып калгандыктан, аны өмүр бою «ата өлтүргүч» деген сөз ээрчип жүргөн.

Бул мезгилде империянын административдик системасында бир топ маанилүү кайра куруулар жүргүзүлгөн: 1802-ж. коллегиялардын ордуна министрликтер жана императордун алдында Мамлекеттик кеңеш түзүлгөн.

1803-жылы эркин дыйкандар жөнүндө Указ чыккан. Бул указга ылайык, помещиктерге өз каалоосу менен дыйкандарды жери менен бошотууга уруксат берилген. Бирок иш жүзүндө бул указ өтө деле чоң мааниге ээ болгон эмес.

Россияда төмөнкү жана орто окуу жайларынын системасы түзүлгөн. Харьков, Казань жана Санкт-Петербург университеттери ачылган. Бул аралыкта жүргүзүлгөн либералдык реформалардын дээрлик баарынын автору императордун кеңешчиси М.М.Сперанский болгон. Сперанский империянын мамлекеттик башкаруу системасын реформалоону, Конституциялык монархияны киргизүүнү сунуш кылган. Бирок, анын бул либералдык проэктерине бүткүл крепостнойлук Россия каршы чыгып, М.Сперанский Сибирге сүргүнгө айдалган.

1812-жылдан кийин М. Сперанскийдин ордуна реакциялык көз караштагы граф А.А.Аракчеев келген. Анын келиши менен өлкөнүн ички саясаты түп-тамырынан бери өзгөргөн. Либералдык реформалар токтотулган. Помещиктердин крепостной дыйкандарды сотсуз эле Сибирге сүргүнгө айдоо укугу калыбына келтирилген, аскер поселениелери түзүлө баштаган.

Ата Мекендик согушту жеңиш менен аяктап, талкаланган француз аскерлерин Парижге чейин куугунтуктап барган орус армиясынын солдаттары жана офицерлери батыш Европанын жашоосу, саясий кыймылдары менен таанышкан. Анын таасири менен Россияда самодержавиеге, крепостнойлук укукка каршы чыккан оппозициялык кружоктор пайда боло баштаган. Кийинчерээк алар жашыруун коомдорго айланган. Бул коомдордун курамынын негизин 1812-жылдагы Ата Мекендик согушка катышкан дворян офицерлери түзгөн.


XIX кылымдын биринчи 10 жылдыгында Россия өзүнүн тышкы саясатында бирде Англия, бирде Франция менен жакындашып турган. 1805-1807-жылдары Россия наполеондук Францияга каршы согушка катышкан. Бирок, 1807-жылы Россия Франция менен Тильзит тынчтык келишимин түзгөн. Бул келишимге ылайык, Александр I Наполеон Інин бардык жеңиштерин таанып, Франция менен союздаш катары согуш жүргүзүүгө макулдугун берген. Бирок, 1810-жылы Россия менен Франциянын мамилеси душмандык мүнөзгө өткөн. Россия менен Франциянын ортосундагы согуш 1812-жылдын жайында башталган. Бул Ата Мекендик согуш орус элинин жеңиши менен аяктаган. Согуштагы орус армиясынын жеңиши өлкөнү жана Европаны баскынчылардан бошоткон. Наполеондун талкаланган «Улуу армиясын» куугунтуктаган орус аскерлери Парижге чейин барган. Туркия (1806-1812-жж.) жана Швеция (1808-1809-жж.) менен болгон ийгиликтүү согуштар да Россиянын эл аралык абалын бир кыйла бекемдеген. Александр Інин падышалык кылган жылдарында Россияга Грузия (1801), Финляндия (1809) Бессарабия(1812), Азербайжан (1813) кошулган.

Александр I Павлович 1793-жылы Баден-Баден принцессасы Луиза Мария Августага (православ динине өткөндөн кийин, Елизавета Алексеевна деген ысымды алган-С.С.) үйлөнгөн. Алар эки кыздуу болушкан. Бирок экөө тең 1 жашка жетпей каза болуп калган.

1825-жылы Таганрогдо жүргөн учурда император Александр Іге катуу суук өтүп калып, ал, ушул эле жылдын 19-ноябрында күтүлбөгөн жерден дүйнөдөн кайткан. Анын сөөгү Санкт-Петербургдагы Петропавловск соборуна коюлган.

Таблица №3.

XIX кылымдын I жарымындагы жогорку жана борбордук башкаруу органдары



[10] Кэз бир министрликтер « коллегия» деген аталышын сактап калган, бирок министрликтин функциясын аткарган .

Николай I Павлович
(1825-1855-жж.)



Александр I нин балдары жок болгондуктан, такты 1797-жылкы указга ылайык, император Павел Інин экинчи уулу Константинге таандык болгон. Бирок, Константин 1720-жылы экинчи нике менен польшалык графиня Жанетта Грудзинскаяга үйлөнүп, Польшада жашаган жана кат аркылуу тактыны мурастоо укугунан өз каалоосу менен баш тарткан. Ошондон кийин, Александр I 1724-жылы өзүнүн Манифестинде, кийинки иниси Николайды такты мураскери деп жарыялаган. Бирок, бул эки документ тең, элге жарыяланган эмес эле.

Ошондуктан, Александр I өлгөндөн кийин, Сенат жана армия Константинге ант беришкен. Бирок, ал (Константин-С.С.) мурдагыдай эле, тактыны ээлөөдөн баш тарткан. Өлкөдө тактыны мурастоо маселесинде баш аламандык келип чыккан. Мындай абал дээрлик бир айга созулган. Ушул учурда, Мамлекеттик кеңеште Константиндин каты ачылып, Мамлекеттик кеңештин мүчөлөрү каттын маңызы менен таанышышкан. Ошондон кийин, 1825-жылдын 14-декабрына, эми Николай Павловичке ант берүү жарыяланган. Ошол эле күнгө мамлекеттик түзүлүштү өзгөртүүгө аракет кылган дворян офицерлеринин көтөрүлүшү дайындалган. Кийинчерээк, бул көтөрүлүш, декабристтер көтөрүлүшү деген атка конгон.

Бирок, декабристтердин көтөрүлүшү жеңилүүгө дуушар болгон. 600 адамдын үстүнөн тергөө иши жүргүзүлүп, алардын көпчүлүгүн Николай I өзү суракка алган. Алардын бешөө:

П.Пестель, С.Муравьев-Апостол, К.Рылеев, М.Бестужев-Рюмин, П.Каховский Петропавловск сепилинде дарга асылып, сөөктөрү түн ичинде жашыруун көмүлгөн. Калган дворян офицерлери Сибирге сүргүнгө, каторгалык жумуштарга айдалган. Бир топ офицерлер катардагы солдат сапатында Кавказдагы согушуп жаткан армияга жөнөтүлгөн.

Николай Інин башкаруусу – абсолюттук монархиянын аскердик- бюрократиялык формасынын эң өнүккөн доору болгон. Өлкөнү башкаруу аскердик мүнөзгө өткөн. Бардык маанилүү мамлекеттик кызматтарга аскер адамдары дайындалып, министрликтер да алардын колунда болгон. Мамлекеттин каражатынын дээрлик баары, чиновниктер менен армияны кармоого жумшалган.

Башкаруусунун биринчи күнүнөн эле Николай I Россиянын жана Европанын жандармы катары атагы чыккан. Көзүнүн тирүүсүндө абсолютизмдин жана крепостнойлук укуктун душмандары менен күрөш жүргүзүүгө ант берген ал, чындыгында анын өтөөсүнөн чыккан. Ушул максатта, императордун канцеляриясынын алдында, революциялык кыймылды жазалоо үчүн, атайын полициялык 3-бөлүм түзүлгөн. Бардык мамлекеттик мекемелердин, мектептердин, басмаканалардын, үстүнөн катуу көзөмөл орнотулган. Университеттерде философияны окутууга тыюу салынып, анын ордуна дин окуусу киргизилген. Кичинекей эле шек туулган адамдар түрмөгө камалып, каторгалык иштерге айдалган. Аларды ырайымсыздык менен уруп-сабашкан. Ошондуктан, Николай I эл арасында Палкин деген атка конгон.

Николай I нин башкаруу жылдарында Россия империясынын 1835-жылга чейин чыккан мыйзам актыларынын Жыйнагы (Кодекси) түзүлгөн. 1826-жылы болсо, крепостнойлук укук

маселесин караган Жашыруун комитет түзүлгөн. 1830-жылы сословиелер жөнүндө жалпы мыйзам иштелип чыгып, анын негизинде дыйкандардын жашоо-турмушун жакшыртууга багытталган бир катар иш-чараларды өткөрүү каралган. Дыйкандардын балдарына баштапкы билим берүүчү 3 миңге жакын айылдык училищелер ачылган. 1842-жылы чыккан мыйзам, помещиктерге, дыйкандарын жери менен бошотууга мүмкүндүк берген. Бирок, дыйкандар, боштондук алуу үчүн помещиктердин пайдасына белгилүү милдеттерди аткарууга тийиш болушкан. Чындыгында бул мыйзам, Николай Інин мезгилинде иштеген эмес. Николай I крепостнойлук укукту балее катары караган, бирок аны токтоосуз жоюу андан да чоң жамандык алып келет деп ойлогон.

Николай Інин мезгилинде университетте билим алуунун акысы жогорулаганга байланыштуу, анда окуган студенттеринин саны кескин кыскарган. Бирок, экинчи жагынан Аскер жана Деңиз академиялары негизделип, 11 кадеттик корпус ачылган.

Александр Інин мезгилинде башталган өнөр жай төңкөрүшү, Николай Інин бийлик кылган жылдарында да ийгиликтүү уланган. 1836-ж. Россиядагы эң алгачкы Санкт-Петербургдан Царское Селого чейинки темир жол линиясы ишке киришкен. 1851-ж. Санкт-Петербург – Москва темир жол линиясы курулуп бүткөн. Бир топ өнөр жай ишканалары ачылган.

Николай Інин тышкы саясатынын негизги багыты Чыгыш болгон. Персия (1826-1828-жж.) жана Турция (1828-1829-жж.) менен болгон согуштар Россия үчүн ийгиликтүү аяктап, империянын аймагы бир кыйла кеңейген. Кавказды басып алуу улантылган. Бирок, 1853-56-жж. жүргөн Крым согушу Россиянын жеңилиши менен аяктаган. Бул жеңилүү Россиянын Батыш Европа өлкөлөрүнөн артта калгандыгын көрсөткөн жана Россия

коомундагы карама-каршылыктарды ачыкка алып чыккан. Өзүнүн ички жана тышкы саясатын туура деп эсептеген жана катачылыктарын мойнуна алгысы келбеген Николай I, өз өмүрүн өзү кыйган. Божомолдоолор боюнча, уу ичип алган император Николай I 1855-жылдын 18-февралында мүрт өлгөн.

Николай I Павлович 1817-ж. Пруссиянын королу Фридрих Вильгельм IIIнүн кызы Фредерика Луиза Шарлотта Вильгельминага (православ динин алгандан кийин Александра Федоровна деген атты алган – С.С.) үйлөнгөн. Алар 7 балалуу (4 уул, 3 кыз – С.С.) болушкан. тун уулу Александр (келечектеги император Александр II – С.С.) 1818-жылы жарыкка келген.



1825-ж. 14-декабрь. Россия империясынын борбору Петербург шаарынын Сенат аянтындагы декабристтердин көтөрүлүшү. Бул күнү Николай I императордук тактыга отурган.

Александр II Николаевич
(1855-1881-жж.)



Николай I өлгөндөн кийин, орус тактысына анын тун уулу Александр Николаевич отурган. 37 жашында тактыны мурастаган император Александр II, билимдүү, саясий жактан такшалган, мамлекеттик иштерди жакшы билген адам болгон. Анткени, ал, жакшы билим алган жана жашынан эле мамлекеттик иштерге аралашып, бир канча жогорку бийлик органдарынын мүчөсү болгон. Мамлекеттик кызматкер катары Россияны жана Европа өлкөлөрүн көп кыдырган, 4 чет тилди билген. Замандаштары анын акылдуу, көрө билгич, эс-тутуму күчтүү экендигин белгилешкен.

Александр II самодержавиелик бийликти сактап калуу үчүн крепостнойлук укукту жоюу керектигин түшүнгөн жана аны иш жүзүнө ашырган. 1861-жылдын 19-февралында чыккан Жобого ылайык, Россияда крепостнойлук укук жоюлган. Анын негизинде 22 миллион дыйкан боштондук алган. Бул реформасы үчүн Александр II «азаттыкка чыгаруучу падыша» («царь-освободитель») деген атка конгон. Мындан сырткары бир канча буржуазиялык мүнөздөгү реформалар иш жүзүнө ашырылган. 1864-жылдагы Сот реформасы боюнча сот бийлиги аткаруучу, административдик жана мыйзам чыгаруучу бийликтерге бөлүнгөн. Граждандык жана кылмыш иштерин кароочу присяжныйлар соту киргизилип, соттор алмаштырылгыс болуп жарыяланган. 1864-ж. жергиликтүү башкарууну тартипке салуу максатында губернияларда жана уезддерде жергиликтүү бийлик органдары – земстволор, ал эми 1874-ж. шаарларда шаардык думалар түзүлгөн. 1874-жылы төмөнкү

сословиелерден аскер кызматынын оорчулугун жеңилдеткен жалпы сословиелик аскердик милдеттүүлүк жөнүндөгү указ чыккан. Аталган реформалар Россияда буржуазиялык коомдук-экономикалык мамилелердин таралышына жол ачып, капитализмдин өнүгүшүн тездеткен. Ошондуктан, бул мезгил орус тарыхнаамасында Улуу реформалар доору катары бааланууда.

Александр IInин башкаруу жылдарында агартуучулук багытында да бир канча алгылыктуу иштер жасалган. Петербургда, Москвада, Казанда жана Киевде аялдар үчүн жогорку жалпы билим берүүчү окуу жайлары ачылган. 1865-ж. Новороссийскиде жана Варшавада, 1880-ж. Томскиде университеттер негизделген. 1863-жылы борбордук мезгилдүү басмаларды алдын ала коюлуучу цензурадан бошотуу жөнүндөгү жобо чыккан.

Бирок, 1863-1864-жж. Польша көтөрүлүшүнөн кийин, Александр IInин өкмөтү либералдык мүнөздөгү реформаларынан баш тартып, аларды акырындап токтотуу жана чектөө саясатына өткөн. Саясаттын мындай багытта өзгөрүшү өлкөдө террордук актылар менен коштолгон демократиялык кыймылдын жогорулашына алып келген.

Тышкы саясатта атасы Николай Іден оор Крым согушун мурастап калган император Александр II Николаевич, 1856-жылдын март айында Россия үчүн өтө ыңгайсыз болгон Париж тынчтык келишимине кол коюуга мажбур болгон. Натыйжада Россия империясы эл аралык изоляцияда калган. Бирок, өлкөнүн тышкы иштер министри, белгилүү орус дипломаты А.М.Горчаковдун акылдуу дипломатиясынын натыйжасында Россия XIX к. 70-жылдарына карата изоляциялык абалдан чыгып, эл аралык абалын кайрадан бекемдөөгө жетишкен. 1864-жылы

Кавказды багындыруу аяктаган. Кытай менен жүргөн чек ара жөнүндөгү сүйлөшүүлөр бир канча келишимдерге кол коюу менен бүткөн: 1858-жылдагы Айгун келишими боюнча Россияга Амур крайы, ал эми 1860-жылкы Пекин келишимине ылайык – Уссурийск аймагы кошулган. 1864-жылы Орто Азия аймагын басып алуу максатында башталган орус аскерлеринин согуштук жүрүшү, бул, ресурстарга өтө бай аймакты 1885-жылга карата толук басып алуу менен аяктаган. 1867-ж. жаңы кошулган аймакты башкаруу үчүн Туркестан генерал-губернаторлугу түзүлгөн. Кыргыз жерлерин Орусияга каратуу 1855-жылдан 1876-жылга чейин жүргөн. Натыйжада орус өкүмдарлыгы Тянь-Шань тоолорунун чокуларына жана Гималай тоо кыркаларынын таманына чейин орногон. Александр II өзүнүн тышкы саясатында айрым ойлонулбаган чечимдерге да жол койгон. 1867-жылы Россия АКШга аянты 1,5 млн кв.км. ден ашык болгон Аляска менен Алеут аралдарын 7,2 млн долларга сатып жиберген. Ошентсе да, Александр II нин падышалык жалдарындагы Россиянын тышкы саясатындагы эң манилүү окуя 1877-1878-жж. орус аскерлеринин жеңиши менен аяктаган орус-түрк согушу болгон. Анын натыйжасында Сербия, Румыния жана Черногория көз каранды эместигин алган. Россия Бессарабиянын бир бөлүгүн жана 302,5 млн рубль көлөмүндөгү контрибуция алган. Андан сырткары, Россияга Ардаган, Карс жана Батум округдары кошулган.

Падыша Александр II эки жолу үйлөнгөн. 1841-жылы Александр Гессен-Дармштадт принцессасы Мария Александровна (Максимилиана Вильгельмина Августа София Мария – С.С.) менен баш кошкон. Алар 8 балалуу (6 уул, 2 кыз – С.С.) болушкан. 1880-жылы Мария Александровна дүйнөдөн кайткандан кийин 62 жаштагы император, өзүнөн 30 жаш кичүү княжна Екатерина

Долгорукаяга үйлөнгөн. Бирок көп өтпөй, Александр II Михайловск сарайынан келе жатканда студент И. Гриневский жардырган бомбадан курман болгон. Бул, императордун өмүрүнө болгон 9 - кол салуу эле. Анын сөөгү Санкт-Петербург шаарындагы Петропавловск соборуна коюлган. Александр II нин крепостнойлук укукту жойгондугун эске алып, ыраазычылык билдирүү иретинде, анын жана жубайы императрица Мария Александровнанын күмбөзү, башка падышалардын күмбөзүнөн айырмаланып, Карелиянын кызыл гранитинен курулган.



Император Александр II коронациясы. 26 август 1856 жыл.
Москва Кремлинин Успен собору.

Александр III Александрович (1881-1894-жж.)



Александр IInин өлүмүнөн кийин, падыша тактысына анын экинчи уулу Александр отурган. Александр III такты мураскери укугуна 20 жашында, 1865-жылы агасы Николай өлгөндөн кийин ээ болгон. Ушул мезгилден тартып, ал, Мамлекеттик кеңештин жана Министрлер комитетинин жыйындарына катышып, ачка калгандар үчүн пособие жыйноо жана аны бөлүштүрүү боюнча Өзгөчө комитеттин төрагасы болуп келген. Бул мезгилге чейин Александр III аскер карьерасына даярдалгандыктан, өтө текебер жана орой адам болгон. Анын такты мураскерине керектүү билими да, тарбиясы да болгон эмес. Ошондуктан ал, монархка керектүү илимдердин тездетилген курсун өтө баштаган. Александр IIIнүн тарбиячысы самодержавиелик бийликтин теоретиги, Москва университетинин укук боюнча профессору, ЫЙык Синоддун обер-прокурору К.П.Победоносцев болгон. Ал, Александр III тактыга отургандан кийин, анын саясатын аныктаган эң таасирдүү кеңешчисине айланган.

Замандаштары Александр IIIнүн «ортодон төмөнүрөөк акылдуу, ортодон төмөнүрөөк жөндөмдүү жана ортодон төмөнүрөөк билимдүү адам» экендигин белгилешкен. Бирок император абдан зор ишке жөндөмдүүлүккө жана таң каларлыктай кара күчкө ээ болгон. 1881-жылдын 1-мартындагы падышаны өлтүрүү Александр III нүн жана анын жакындарынын катуу үрөйүн учурган. Өз өмүрүнөн кооп санаган Александр III башкаруусунун алгачкы жылдарында Гатчинадагы чоң атасы Павел I курдурган,

айланасы терең аңдар менен курчалган, көптөгөн сакчылар турчу бир нече мунаралары бар сепилде жашаган.

Александр IIIнүн бийликке келиши менен Улуу реформалар доору контрреформалар доору менен алмашылган. Император Россияда самодержавиелик бийликти сактоону өзүнүн негизги милдети деп эсептеген. Ал, өзүнүн иниси Владимирге жазган катында «Мен, Россия үчүн керектүү жана пайдалуу болгон самодержавиелык бийликтин чектелишине эч качан жол бербеймин» деп айткан. Бул анын саясий кредосу болуп калган.

Жаңы саясий курстун концепциясы 80-жылдардын ортосунда биротоло калыптанып бүткөн. Анын маңызын самодержавиелик бийликтин былк этпестиги, учурдагы башкаруу системасында кандайдыр бир саясий кайра курууларга жол берилбестик, бийликти борборлоштуруу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун укуктарын чектөө, дворяндардын укуктарынын «толук кол тийбестиги» жөнүндөгү идеялар түзгөн. Александр IIIнүн падышалык кылган жылдары өлкөдө ачык реакциянын жана административдик зордук-зомбулуктун күч алган доору болгон.

Александр IIIнүн жүргүзгөн тышкы саясаты, императорго «Тынчтыкты орнотуучу» («миротворец») деген титулдун ыйгарылышына алып келген. Чынында Александр III бийликте турган жылдары Россия эч кандай согуш жүргүзгөн эмес. Бирок, бул аралыкта орус-герман мамилелери начарлап, Россия Франция менен жакындаша баштаган.

Александр III 1866-ж. Дания королу Христиан IXнун кызы принцесса Мария София Фредерика Дагмарага (православ динине өткөндөн кийин Мария Федоровна деген ысымды алган – С.С.) үйлөнгөн. Алар 6 балалуу (4 уул, 2 кыз – С.С.) болушкан. Тун уулу Николай (келечектеги император Николай II – С.С.) 1868-ж.

туулган. Бирок Александр III уулу Николайды мамлекетти башкарууга жөндөмсүз деп эсептеп, тактыны ага бергиси келген эмес. Ал эми тактыны калтыргысы келген уулу Михаил ал кезде болгону 16 жашта болуп, тактыны кабыл ала албаган. Ошондуктан, Александр III өлөөр алдында Николайдан Михаил 21 жашка толгондо тактыны ага өткөрүп берери жөнүндө ант алган.

Александр III 1894-жылы күздө Харьковдун алдындагы темир жол катастрофасынан жаракат алган бөйрөк оорусунан өлгөн. Оорусунун күчөшүнө императордун аракты ченемсиз көп ичкендиги да себеп болгон. Анын сөөгү Санкт-Петербургдагы Петропавловск соборуна коюлган.



Император Александр III нүн коронациясы. 1881-ж. 15-март.

Николай II Александрович
(1894-1917-жж.)



Николай II императордук тактыга 36 жашында отурган. Ал, 12 жашына чейин үйдө билим алган. Николай II нин окутуучулары – аскер министри А.Редигер, тарыхчы В.Ключевский, юрист К.Победоносцевдер болушкан. Бирок, 12 жашынан кийин болочок император өзүнүн билимин андан ары өркүндөтүү жөнүндө ойлогон да эмес. Орус тактысынын мураскеринин дүйнө таануусуна айрыкча К. Победоносцев чоң таасир эткен. Ал, Россиянын саясий түзүлүшүнө туура келүүчү башкаруунун жападан–жалгыз формасы **чексиз монархия** экендигине Николайды бекем ишендирген.

Өзүнүн жеке сапаттары боюнча бул император чоң мамлекетти башкаруучунун ролуна эч кандай туура келген эмес. Анын интеллектуалдык деңгээли төмөн, билими ортозаар болгон жана жаратылыш берген эч кандай таланты байкалган эмес. Мүнөзү түнт, бошоң, ошол эле учурда эки жүздүү, жойпу, арамза, ырайымсыз жана туруксуз болгон. Замандаштарынын жана тарыхчылардын пикири боюнча Николай IIни белгилүү тарыхый инсандардын катарына кошууга таптакыр болбойт. Ал эми Николай II болсо, өзүн мамлекеттин жалгыз өкүмдары жана толук ээсимин деп эсептеген. Жалпы россиялык эл каттоо мезгилинде, падыша, анкетанын профессия деген графасын өз колу менен «Орус жерлеринин ээси» деп толтурган.

Романовдордун дээрлик баарына мүнөздүү болгон өзгөчөлүк бул алардын алкоголь ичимдигине өтө жакындыгы болгон. Николай II да атасы сыяктуу эле аракты ченемсиз көп ичкен.

Падышаны жакшы билген көптөгөн адамдар өздөрүнүн мемуарларында, анын бул жаман адатын белгилешкен. Падышалык бийлигинин акыркы жылдарында Николай II нин соо жүргөнүн дээрлик көрбөй калышкан. Императрицанын жакын фрейлинасы Вырубова өзүнүн күндөлүгүндө императордун мындай абалынан катуу тынчсызданган Александра Федоровна «падышага бир нече ирет, анын азыраак ичүүсүн айткандыгын» белгилейт.


Николай IIнин падышалыгы кайгылуу окуя менен башталган. 1896-жылдын 18-майында Москвадагы Ходын талаасында өткөн таажы кийүү салтанатынын учурунда 1,5 миңге жакын адам кысылыштан өлгөн. Бул катастрофадан кийин, эл, Николайдын башкаруусу кандуу болорун айтып жүрүшкөн.

Николай IIнин падышалыгы революциялык кыймылдын күч алуу шартында өткөн. 1905-жылдагы биринчи орус революциясынын натыйжасында, падыша 17-октябрда Манифест кабыл алган. Анын негизинде Мамлекеттик Дума түзүлүп, Россия империясынын башкаруу системасында Конституциялык монархия калыптана баштаган. Бирок чектелбеген самодержавиелик бийликтин калдыктары орус коомунун көп тармактарында сакталып кала берген.

Николай IIнин тышкы саясаты Россия империясына көп деле ийгилик алып келген эмес. 1904-05-жж. орус-япон согушу орус армиясынын жеңилиши менен аяктаган. Россия Ыраакы Чыгыштагы бир топ аймагынан ажыраган.

Таблица №4.

Россия империясынын жогорку жана борбордук башкаруу органдары 1905–1907-жж. биринчи орус революциясынан кийин.



[11] 1- Ички иштер, 2-Адилет, 3-Финансы, 4-Эл агартуу, 5- Аскер, 6- Деңиз, 7- Тышкы иштер,8-Импер. сарай, 9- Жол байланыштары, 10-Соода жана өнөр жай.

1914-жылы Россия Антантанын тарабында I дүйнөлүк согушка кирген. Согуш фронтундагы жеңилүүлөр, чарбанын бүлгүнгө учурашы, министрлердин чехардасы коомчулуктун ар түрдүү топторунда самодержавиелик бийликке болгон нааразычылыкты күчөткөн.

1917-жылдын февраль айынын аягындагы революция, Николай IIни тактыдан баш тартууга аргасыз кылган. 1917-жылдын 2-мартында падыша тактыдан баш тарткандыгы жөнүндөгү Манифестке кол койгон. Николай II уулу Алексейдин ден-соолугунун начардыгын эске алып, тактыны ниси улуу князь - Михаил Александровичке өткөрүп берген. Бирок, Михаил Александрович өлкөдөгү саясий кырдаалга туура баа берип, ал да тактыдан баш тарткан. Өлкөдө монархиялык бийлик кулап, Кош бийлик орногон.[12] 1917-жылдын 1-сентябрында Россия республика деп жарыяланган. Бирок, андан көп өтпөй эле, октябрь төңкөрүшүнүн натыйжасында бийликке большевиктер келип, Совет бийлиги орногон.

Убактылуу өкмөт тактыдан баш тарткан Николай II ни үй-бүлөсү менен Англияга өткөрүп жиберүүнү каалаган, бирок Петроград Кеңешинин кысымы астында ал чечиминен баш тарткан. 1917-жылдын 9-мартында камакка алынган экс император жана анын үй-бүлөсү 14-августка чейин Царское Селодо үй камагында болушкан. 1917-жылдын 14-августунда Убактылуу өкмөттүн башчысы А.Ф. Керенскийдин буйругуна ылайык Николай II үй-бүлөсү жана кызматчылары менен Тобольск шаарына которулган. Тобольскиге Николайдын үй-бүлөсүн 350 эң жакын адамдары коштоп барган. Большевиктер бийликке келгенден кийин, Совет

[12] Буржуазиялык Убактылуу өкмөттүн жана Жумушчу, солдат жана дыйкандар Кеңештеринин бийликтери.

өкмөтү Николай IIни соттоо маселесин карап, 1918-жылдын 29-январында Эл комиссарлар кеңешинин Николай II Романовду сотко тартуу жөнүндөгү токтому чыккан. Бирок, өлкөнүнү ичиндеги саясий кырдаал кескин өзгөрүп кеткенине байланыштуу (граждандык согуш) бул чечим иш жүзүнө ашпай калган. 1918-жылдын 30-апрелинде Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин (ББАК) Президиумунун чечиминин негизинде Николай II үй-бүлөсү, үй-бүлөлүк доктору, бир нече кызматкери менен Екатеринбург шаарына алынып келинип, Ипатьевдин үйүнө жайгаштырылган. Бирок, 1918-жылдын жай айларында Екатеринбург шаарын ак гвардиячыларга алдырып жиберүү коркунучу туулган. Ошондуктан, ушул жылдын 17-июлуна караган түнү ББАКтын жана ЭККнин токтомунун негизинде Россиянын акыркы императору, Романовдордун бийликтеги акыркы өкүмдары Николай II (50 жаш), анын аялы Александра Федоровна (46 жаш), кыздары: Ольга (23 жаш), Татьяна (21 жаш), Мария (19 жаш), Анастасия (17 жаш), уулу Алексей (14 жаш) жана үй-бүлөлүк доктору Боткин, кызматчылары: Харитонов, Трупп, Демидова – баары 11 адам Ипатьевдин үйүнүн подвалында «Өзгөчө милдети бар» үйдүн комендanты – Я. Юровский жетектеген чекисттер тарабынан атылган.

Алардын сөөктөрүн ошол эле түнү жүк машина менен шаардан 17 км аралыкта жайгашкан кароосуз калган шахтанын чуңкуруна алып барышып, керосин куюп өрттөп, күйүп бүткөндөн кийин, калдыктарын ошол жердеги сазга көөмп салышкан.

Корутунду


Мына, урматтуу окурман, биз 304 жыл (1613-жылдан 1917-жылга чейин) Россия мамлекетин башкарып келген Романовдор сулалесинин 18 өкүмдары менен таанышып өттүк. Ар бир башкаруучунун жеке мүнөзүнө, өзгөчөлүгүнө жана жөндөмдүүлүгүнө, үй-бүлөсүнө, башкаруусунун маңызына, орус мамлекетинин бекемделишине жана гүлдөп өсүшүнө кошкон салымына токтолуп, орус тарыхында ээлеген ордуна обьективдүү баа берүүгө аракет жасадык.

Башкаруучу Романовдордун айрымдары жасаган иш аракеттери менен өз өлкөсүн бекемдеп, ар кандай кайра куууларды ишке ашырып, Россия мамлекетинин ички–тышкы абалын чындап, эл аралык абройун көтөргөн болсо, экинчилери өздөрүнүн терс сапаттары, сокур саясаты, билимсиздиги, мамлекетти башкарууга жөндөмсүздүгү менен өлкөнүн чарбасын бүлүндүрүп, элдин нааразылыгын жаратып, мамлекетти туюкка камалып калгандай абалга алып келген жана анын эл аралык аброюуна залакасын тийгизген.

Албетте, биз, Романов башкаруучуларынын айрымдарына жакшы гана сапаттар, ал эми, экинчилерине жаман гана сапаттар мүнөздүү болгон деген ойду айтуудан алыспыз. Ар бир башкаруучу өз дооруна жараша саясат жүргүзүүгө аракет жасаган, дегеле өкүмдарлардын инсан катары калыптануусуна өз доорунун өзгөчөлүгү, бийлик чөйрөсү түздөн-түз таасир эткен. Ар бир өкүмдар оң да, терс да сапаттарга ээ болгон. Бирок, кээ бирлеринин оң сапаттары көбүрөөк болсо, башкаларында терс сапаттар үстөмдүк кылган. Мисалы, Петр Інин, Елизавета Петровнанын, Екатерина Іінин, Александр Іінин жасаган иштерин жалпысынан

оң баалоо менен, алардын ар биринде орус мамлекетинин өнүгүүсүнө кедергисин тийгизген жаман адаттарынын болгондугун да белгилеп өттүк.

1917-жылдагы февраль революциясы Россия мамлекетин 300 жылдан ашык башкарып келген Романовдор сулалесин бир жуманын ичинде бийликтен кулатты. Анын себептеринин бири Россия тактысындагы Романовдордун акыркы өкүмдары Николай IIнин өлкөнү туюкка камагандай абалга алып келген, жалпы улуттук нааразычылыкты болуп көрбөгөндөй курчуткан сокур саясаты болгон. Тагдырдын тамашасыбы, 1613-жылдын башында Костромадагы **Ипатьев монастрынан** башталган Романовдордун бийлик сулалесинин жашоосу, 1918-жылдын июль айында Екатеринбург шаарындагы **Ипатьевдин үйүндө** бүткөн.



Орус падышаларынын жана императорлорунун күмбөзү (усыпальница) болгон Петропавловск собору (Санкт-Петербург шаары).

Адабияттар[13]

1. Абсолютизм в России (XVII-XVIII вв.) – М., 1963.
2. Анисимов Е.В. Россия в середине XVIII века. Борьба за престол Петра. – М., 1986.
3. Ошонуку эле, Государственные преобразования и самодержавие Петра Великого в первой четверти XVIII века. – СПб., 1997.
4. Ошонуку эле, Россия без Петра – Л., 1994.
5. Брикнер А. История Екатерины II. – М., 1991. Т. 1-2.
6. Великие государственные деятели России: Сборник статей / Под редакцией А.Ф. Киселева. – М., 1996.
7. Гренвилл Дж. История XX века: люди, события, факты. – М., 1999.
8. Грибовский А.М. Записки о Екатерине Великой – М., 1989.
9. Демидова Н.Ф., Морозова А.Е., Преображенский А.А. Первые Романовы на российском престоле. – М., 1996.
10. Дневники императора Николая II.- СПб., 1991.
11. Записки императрицы Екатерины Второй.- М., 1989.
12. История России. Учебное пособие для вузов. – М., 2002.
13. Исторические силуэты. – М., 1991.
14. Касвинов Н.К. Двадцать три ступени вниз. М., 1978.
15. Каменский А.Б. Под сенью Екатерины. – М., 1992.
16. Костомаров Н. Исторические монографии и исследования. В 2-х кн. – М., 1990.
17. Козлов Ю. Ф. Страницы правления государством Российским. – Йошкар-Ола, 1990.
18. Ключевский В.О. Исторические портреты. – М., 1990.
19. Маркова А.Н., Скворцова Е.М., Андреева И.А. История России. Учебное пособие для вузов. – М., 2001.
20. Ольденбург С.С. Царствование императора Николая II. – СПб., 1992.

[13] Адабияттар кайсы тилде жазылса, ошол тилде берилди.

21.Омельченко О.А. «Законная монархия» Екатерины II. – М., 1993.

22.Павленко Н.И. Петр Великий. – М., 1990.

23.Ошонуку эле, Птенцы гнезда Петрова. М., 1994.

24.Ошонуку эле, Страсти на троне. – М., 1995.

25.Пособие по истории СССР для подготовительных отделений вузов. – М., 1984.

26.Российская и мировая история в таблицах / автор-составитель Ф. М. Лурье. – СПБ., 1997.

27.Российские консерваторы. – М., 1997.

28.Российские реформаторы XIX – начала XX вв. – М., 1995.

29.Российские самодержцы. 1801-1917 гг. – М., 1993.


30.Цареубийство 11 марта 1801 года. Записки участников и современников. – М., 1996.


31.Шильдер Н. К. Император Павел I. – М., 1996.


32.Энциклопедия истории России. 862-1917. / АО Коминфо. Россия. – М., 1998.


№1 тиркеме.


Романовдор сулалесинин генеологиялык схемасы.






Дмитрий (1648-1649)
Евдокия 1650-1712)
Марфа 1652-1707)
Алексей (1654-1670)
Анна (1655-1659)
Софья (1657-1704)
регентша (1682-1689)
Екатерина (1658-
Мария (1660-1723)
ФЕДОР (1661-1682)
падыша (1676-1682)
1) 1680. Агафья Семеновна Грушецкая (1665-1681)
2) 1682. Марфа Матвеевна Апраксина (1664-1716)
Илья (ымырк. елгөн, 1681)
Феодосия (1662-1713)
Симеон (1665-1669)
АЛЕКСЕЙ (1929-1676)
падыша (1645-1676)
1) 1648.Мария Ильинична Милославская (1626-1669)
2)1671. Наталья Кирилловна Нарышкина (1651-1694)
ИВАН V (1666-1696),
падыша (1682-1696)
1) 1684. Прокофья Федоровна Салтыкова (1664-1723).
Евдокия (ымыркайында елгөн, (166 9)
ПЕТР I (1672-1725),
падыша (1682-1721, 1696 өз алдынча),
император (1721-1725).
1) 1689-1698. Евдокия Федоровна Лопухина (1670-1731)
2) 1705(1712 ж. никого турган)-1725.
ЕКАТЕРИНА I (Марта Скавронская)
(1684-1727),
императрица (1725-1727).
Наталья (1673-1716)
Федора (1674-1678)



ИВАН V (1666-1696), падыша (1682-1696)
1) 1684. Проскофья Федоровна Салтыкова (1684-1723).
Мария (1689-16 92)
Феодосия (16 90-16 91)
Екатерина (16 92 – 1733)
1) 1716. Карл Леопольд, герцог Мекленбург-Шверинский (1746 олгон)
АННА (16 93-1740), императрица (1730-1740)
1) 1710. Фридрих Вильгельм, Курляндия
Прасковья (16 94-1731)
ПЕТР I (1672-1725), падыша (1682-1721, 1696 оз алдынча), император (1721-1725).
1) 1689-1698. Евдокия Федоровна Лопухина (1670-1731)
2) 1705(1712 ж. никеге турган)-1725. ЕКАТЕРИНА I (Марта Скавронская) (1684-1727), императрица (1725-1727).
Алексей (1690-1718)
1) Шарлотта Христиана София, кронпринцесса (1694-1715).
Наталья (1714- 1728)
ПЕТР II (1715-1730) император (1727- 1730)
Александр (1691-1692)
Павел (ымырк. олгон, 1693)
Екатерина (1707-1708)
Анна (1708-1728)
1)172 4. Карл Фридрих, герцог Шлезвиг-Гольштейн-Готторпский
ЕЛИЗАВЕТА (1709-1761) Императрица (1741-1761)
Марта (1713 ж. олгон)
Маргарита (1714-1715)
Петр (1715-1719)
Павел (ымырк. олгон, 1717)
Наталья (1718-1725)
ПЕТР III Федорович (Карл Петер Ульрих (1728-1762) император (1761-1762)
1) 1745. ЕКАТЕРИНА II (София Фредерика Августа принцесса Ангальт-Цербсткая) (1729-1796), императрица (1762-1796).



Екатерина
(16 92 – 1733)
1) 1716. Карл Леопольд, герцог Мекленбург-Шверинский (1746 олгон)
Анна Леопольдовна (1718-1746) регентша (1740-1741)
1) 1739. Антон Ульрих, герцог Брауншвейг-Люнебургский (1714-1774).
ИВАН VI АНТОНОВИЧ (1740-1764) Император (1740-1741).
Екатерина (1741-1807)
Елизавета (1743-1782)
Петр (1745-1798)
Алексей (1746-1787)



ПЕТР III Федорович (1728-1762) император (1761-1762)
1.1745. ЕКАТЕРИНА II (1729-1796) императрица (1762-1796)
ПАВЕЛ I (1754-1801) император (1796-1801)
1. 1773. Наталья Алексеевна (Вильгельмина Луиза) (1755-1776), принцесса Гессен-Дармштадтская
1. 1776. Мария Федоровна (Софья Доротея Августа Луиза) (1759-1828), принцесса Вюртембергская.
Анна (1757-1759)


ПАВЕЛ I (1754-1801)
император (1796-1801)
1. 1773. Наталья Алексеевна (Вильгельмина Луиза) (1755-1776), принцесса Гессен-Дармштадтская
1. 1776. Мария Федоровна (Софья Доротея Августа Луиза) (1759-1828), принцесса Вюртембергская.
АЛЕКСАНДР I (1777-1825)
Император (1801-1825)
1.1793. ЕлизаветаАлексеевна (Луиза Мария Августа) (1779-1826), принцесса Баден-Баденская
Мария (1799-1800)
Елизавета (1806-1808)
Константин (1779- 1831)
Александра (1783 – 1801)
Елена (1784-1803)
Мария (1786-1859)
Екатерина (1788-1819)
Ольга (1792-1795)
НИКОЛАЙ I (1796-1855)
Император (1825-1855)
1.1817. Александра Федоровна (Фредерика Луиза Шарлотта Вильгельмина (1798-1860), дочь короля Пруссии Фридриха Вильгельма III
Анна (1795-1865)
Михаил (1798-1849)


НИКОЛАЙ I (1796-1855)
Император (1825-1855)
1.1817. Александра Федоровна (Фредерика Луиза Шарлотта Вильгельмина (1798-1860), дочь короля Пруссии Фридриха Вильгельма III
АЛЕКСАНДР II (1818-1881), император (1855-1881)
1. 1841. Мария Александровна (Максимилиана Вильгельмина Августа София Мария) (1824-1880), принцесса Гессен-Дармштадтская.
1. 1880. Кн. Екатерина Долгорукова (1847-1922)
Мария (1819-1876)
Ольга (1822-1892)
Александра (1825-1844)
Константин (1827-1892)
Николай (1831-1891)
Михаил (1832-1909)


Александара (1842-1849)
Николай (1843-1865)
АЛЕКСАНДР III (1845-1894)
император (1881-1894)
1. 1866. Мария Федоровна
(принцесса Мария София
Фредерика Дагмара) (1847-1928),
дочь короля Дании Христиана IX.
АЛЕКСАНДР II (1818-
1881),
император (1855-1881)
1. 1841. Мария
Александровна
(Максимилиана
Вильгельмина Августа
София Мария) (1824-
1880), принцесса Гессен-
Дармштадтская.
1. 1880. Кн. Екатерина
Долгорукова (1847-1922)
Владимир (1847-1909)
Алексей (1850-1908)
Мария (1853-1920)
Сергей (1857-1905)
Павел (1860-1919)


НИКОЛАЙ II (1868-1918), император (1894-1918)
1. 1894. Александра Федоровна (Алиса Виктория Елена Луиза Беатриса) (1872-1918), Гессенияның улуу герцогу Людвиг IV кызы.
Александр (1869-1870)
АЛЕКСАНДР III (1845-1894) император (1881-1894)
1. 1866. Мария Федоровна (принцесса Мария София Фредерика Дагмара) (1847-1928), дочь короля Дании Христиана IX.
Георгий (1871 – 1899)
Ксения (1875 – 1960)
МИХАИЛ (1878 – 1918)
Ольга (1882 – 1960)


НИКОЛАЙ II (1868-1918), император (1894-1918)
1. 1894. Александра Федоровна (Алиса Викторня Елена Луиза Беатриса) (1872-1918), Гессениянын улуу герцогу Людвиг IV кызы.
Ольга (1895 - 1918).
Татьяна (1897 - 1918).
Мария (1899 - 1918).
Анастасия (1901 - 1918).
Алексей (1904 - 1918).

№2 тиркеме.

Романовдор сулалесинин башкаруучуларынын өмүр жылдары жана башкаруу хронологиясы

№	Башкаруучу	Өмүр жылдары	Башкаруу жылдары	
			падыша	император
1	Михаил Федорович Романов	1595-1645	1613-1645	
2	Алексей Михайлович Романов	1629-1676	1645-1676	
3	Федор Алексеевич Романов	1661-1682	1676-1682	
4	Иван V Алексеевич Романов	1666-1696	1682-1696	
5	Петр I Алексеевич Романов	1672-1725	1682-1721	1721-1725
6	Екатерина I Алексеевна	1684-1727		1725-1727
7	Петр II Алексеевич	1715-1730		1727-1730
8	Анна Ивановна	1693-1740		1730-1740
9	Иван VI Антонович	1740-1764		1740-1741
10	Елизавета Петровна	1709-1761		1741-1761
11	Петр III Федорович	1728-1762		1761-1762
12	Екатерина II Алексеевна	1729-1796		1762-1796
13	Павел I Петрович	1754-1801		1796-1801
14	Александр I Павлович	1777-1825		1801-1825
15	Николай I Павлович	1796-1855		1825-1855
16	Александр II Николаевич	1818-1881		1855-1881
17	Александр III Александрович	1845-1894		1881-1894
18	Николай II Александрович	1868-1918		1894-1917

МАЗМУНУ

Киришүү 3

Михаил Федорович Романов (1613-1645-жж.) 6

Алексей Михайлович Романов (1645-1676-жж.) 10

Федор Алексеевич Романов (1676-1682-жж.) 13

Иван V Алексеевич,
Петр I Алексеевич (1682-1696-жж.) 16

Петр I Алексеевич Романов (1696 – 1725-жж.) 18

Екатерина I Алексеевна (1725-1727-жж.) 27

Петр II Алексеевич (1727-1730-жж.) 29

Анна Ивановна (1730-1740-жж.) 31

Иван VI Антонович (1740-1741-жж.) 35

Елизавета Петровна (1741- 1761-жж.) 37

Петр III Федорович (1761-1762-жж.) 40

Екатерина II Алексеевна (1762-1796-жж.) 43

Павел I Петрович (1796-1801-жж.) 47

Александр I Павлович (1801-1825-жж.) 50

Николай I Павлович (1825-1855-жж.) 54

Александр II Николаевич (1855-1881-жж.) 58

Александр III Александрович (1881-1894-жж.) 62

Николай II Александрович (1894-1917-жж.) 65

Корутунду 70

Адабияттар 72

Романовдор сулалесинин генеологиялык схемасы 74

Романовдор сулалесинин башкаруучуларынын өмүр жылдары жана башкаруу хронологиясы..... 83

Смадияров Сыдык Акунович

Династия Романовых (1613-1917 гг.)

Из истории русских правителей.

Исторический справочник.

На кыргызском языке.

Смадияров Сыдык Акунович

Романовдор Сулалеси (1613-1917-жж.)

Орус башкаруучуларынын тарыхынан.

Тарыхый маалыматнаама.

Редактор: Авазов Эрнист
Компьютерде терген: Ибраимова Айгүль
Корректор: Садиева Сейликан

Басууга берилди: 12.05.2005.

Формат: 60x84 1/16 Көлөмү: 5,25 б.т.
Буйрутма: №9 Нускасы: 750 даана.

ОшМУ, "Билим" басма борбору
Ош ш., Ленин к., 331, каб.135., тел.: 7.20.61

